Эгер эркек бала менен кыз бала ак-караны ажыраткан жашта болсо, камкорчусунун уруксаты менен ихрамга киришет да, ихрамга кирээрде чоң кишилер сыяктуу гусул алып, атыр себинүү сыяктуу амалдарды аткарышат. Алардын камкорчусу – бул алардын иштерин башкарып, пайда-зыянына жооптуу болгон адам, мейли ал атасы, апасы же башка бирөө болсун. Камкорчусу алардын алы жетпеген, шайтанга таш атуу сыяктуу амалдарды алардын ордуна аткарат, ал эми

андан башка Арафатта туруу, Мина жана Муздалифада түнөө, таваф жана сайъ кылуу сыяктуу амалдарды өздөрү аткаруулары керек. Эгер экөөнүн таваф жана сайъ кылууга алы келбесе, аларды көтөрүп таваф жана сайъ кылдырылат. Аларды көтөргөн адам үчүн абзели – таваф менен сайъды өзү менен алардын ортосунда орток кылбаганы. Тескерисинче, ал таваф менен сайъды ошол экөө үчүн ниет кылып, андан соң ибадатта этияттык үчүн жана хадиске амал кылуу иретинде өзү үчүн өзүнчө таваф жана өзүнчө сайъ аткарат.

«دَعْ مَا يَرِيبُكَ إِلَى مَا لَا يَرِيبُكَ».

«Шек-күмөндүү ишти таштап, күмөнү жок ишти кыл».[1] Эгер көтөрүп жүргөн адам тавафты өзү үчүн да, көтөрүп жүргөн адамы үчүн да ниет кылса, бул тууралуу айтылган эки пикирдин туурасына ылайык, бул экөөнө тең жетиштүү болот. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) баланын ажылыгы тууралуу сураган аялга ал (бала) үчүн

[1] Тирмизи, 2518.

өзүнчө таваф кылууну буйруган эмес. Эгер бул важиб болгондо, анда пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны сөзсүз баяндап бермек. Ийгилик бир гана Аллахтан.

Ак-караны ажыратып калган балага жана кызга, чоң кишидей эле, тавафка кирээрден мурун даарaтсыздыктан жана нажастан тазалануу буйрулат. Кичинекей бала менен кыздын атынан ихрамга кирүү алардын камкорчусуна важыб эмес, бул – нафил амал. Эгер камкорчусу муну аткарса, ага сооп болот, ал эми аткарбаса, эч кандай күнөө жок. Туурасын Аллах Билүүчү.

## Бөлүм:

## Ихрамда тыюу салынган иштер жана ихрамдагы адамга уруксат берилген иштер тууралуу баян.

Ихрамга ниет кылгандан кийин, эркек болсун, аял болсун, ихрамдагы адамга чачынан, тырмагынан алууга жана атыр

себинүүгө, жыттуу нерсени сүртүнүүгө болбойт.

Эркектерге дене мүчөсүнө ылайыкталып тигилген кийимди, мисалы, көйнөктү толук денесине кийүүгө, же ички көйнөк, шым, маасы, байпак сыяктууларды денесинин бир бөлүгүнө кийүүгө уруксат берилбейт. Бирок ким изар (этек жагына жамына турган жамынчы) таба албаса, ага шым кийүүгө уруксат берилет. Ошондой эле, ким бут кийим таба албаса, ага маасыны кеспестен кийүүгө уруксат берилет. Анткени, эки ишенимдүү жыйнактагы Ибн Аббастын (аларга Аллах ыраазы болсун) хадисинде, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ لَمْ يَجِدْ نَعْلَيْنِ، فَلْيَلْبَسِ خُفَّيْنِ، وَمَنْ لَمْ يَجِدْ إِزَارًا، فَلْيَلْبَسْ سَرَاوِيلَ» [44].

"Кимде-ким сандал таппаса, маасы кийсин, ал эми кимде-ким изар таппаса, шым кийсин" (44).[1]

[1] Имам Бухари, 1841; Имам Муслим, 1179.

Ал эми Ибн Умардын (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) хадисинде айтылган, кепич жок болгондуктан маасы кийүүгө муктаж болгон адам аны кесүүсү керек деген буйруктун мааниси күчүн жоготкон; анткени Пайгамбарыбыз ((ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу босун) Мединада ихрамдагы киши кандай кийим киери тууралуу сурашканда ушуга буйруган эле. Кийин Арафатта адамдарга кутпа айтканда, кепич жок болсо маасы кийүүгө уруксат берип, бирок аны кесүүгө буйруган эмес. Бул кутпага Мединадагы жоопту укпагандар да катышкан. Муктаждык убагында өкүмдү баяндоону кечиктирүүгө болбойт, бул хадис жана фикх илимдеринин негиздеринде белгилүү. Ушуну менен кесүү тууралуу буйруктун мааниси өчүрүлгөнү аныкталды. Эгер ал важиб болгондо, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны сөзсүз баяндап бермек. Аллах баарын жакшы билүүчү.

Ихрамдагы адамга кызыл ашыктан ылдый болгон маасыны кийүүгө болот, анткени ал кепич сыяктуу.

Изарды түйүүгө же жип жана ушул сыяктуу нерсе менен байлоого болот; тыюу салган далилдин жоктугунан.

Ихрамдагы адамга муктаждык болгондо акырын жуунууга, башын жууганга жана кашыганга уруксат. Эгер ушунун себебинен башынан чач түшүп калса, эч нерсе эмес.

Ихрамга кирген аялга тигилген паранжа жана никабды, же колуна колкапты кийүү арам болот; Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«وَلَا تَنْتَقِبِ المَرْأَةُ المُحْرِمَةُ، وَلَا تَلْبَسِ القُفَّازَيْنِ» [45]

"Ихрамдагы аял киши жүзүн жаппасын жана колдоруна кол кап кийбесин" (45)[1] Бухари риваят кылган. Кол кап: жүндөн, пахтадан же башка ушул сыяктуу

[1] Имам Бухари, 1838.

нерселерден колго чакталып тигилген же токулган кийим.

Аялдарга, ушундан башка тигилген кийимдерден көйнөк, шым, маасы, байпак жана ушул сыяктууларды кийүүгө уруксат.

Ошондой эле, муктаж болсо, жоолугун бетине байлабастан түшүрүп жаап алса болот. Эгер жоолугу бетине тийсе, ага эч нерсе болбойт. Айша (ага Аллах ыраазы болсун) айткан: «Атчандар биздин жаныбыздан өтүшчү, а биз Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге ихрамда элек. Алар биздин тушубузга келгенде, жилбаптын учун башыбыздан бетибизге түшүрүп койчубуз. Алар жаныбыздан өтүп кеткенде, кайра аччубуз»[1] Абу Дауд жана Ибн Мажа риваят кылып, ушуга окшошун Даракутни Умм Саламадан риваят кылган.

Ошондой эле, колун кийими же башка нерсе менен жапса болот. Ал эми бөтөн эркектердин жанында жүзүн жана

[1] Абу Дауд, 1833.

колдорун жабуусу ваажыб, анткени алар аврат. Аллах Таала айткан:

﴿...وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ...﴾

"Зыйнаттарын (моюн, билек сыяктуу зыйнат мүчөлөрүн) көргөзүшпөсүн! Бир гана күйөөлөрүнө..." (Нур, 31-аят). Бет жана эки алакан эң негизги кооздук экени талашсыз.

Ал эми бет бул жагынан абдан маанилүү. Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَإِذَا سَأَلْتُمُوهُنَّ مَتَاعًا فَاسْأَلُوهُنَّ مِنْ وَرَاءِ حِجَابٍ ذَٰلِكُمْ أَطْهَرُ لِقُلُوبِكُمْ وَقُلُوبِهِنَّ...﴾

"...жана эгер алардан (пайгамбардын аялдарынан) бир нерсе сурасаңар, парданын артынан сурагыла. Ушунуңар силердин да, алардын да жүрөктөрүн тазартуучураак (жорук)..." (Ахзаб, 53-аят).

Ал эми көптөгөн аялдардын жоолукту бетине тийгизбөө үчүн анын астына бир нерсе коюп алганына, биз билгенден, шариятта негизи жок. Эгерде бул шариятта болгондо, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны өз үммөтүнө баяндап бермек, бул тууралуу унчукпай калуусу жаиз болмок эмес.

Ихрамдагы эркек да, аял да ихрам кийимин кирдегени үчүн жууса болот, ошондой эле аны башкасына алмаштырса да болот.

Зафаран же Варс тийген кийимди кийүү жайыз эмес, анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ибн Умардын (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) хадисинде ага тыюу салган.

Ихрамдагы адамга уят сөздү, күнөө иштерди жана жаңжалды таштоо важыб. Аллах Таала минтип айткан:

﴿الْحَجُّ أَشْهُرٌ مَّعْلُومَاتٌ فَمَنْ فَرَضَ فِيهِنَّ الْحَجَّ فَلَا رَفَثَ وَلَا فُسُوقَ وَلَا جِدَالَ فِي الْحَجِّ...﴾

"Ажылык (сапары) – белгилүү айлар. Ким ошол айларда (өзүнө) ажы (ибадатын) парз кылса, (жана ихрам байласа) ажыда (ихрамдан чыкканга чейин) жубайы менен (жыныстык) мамиле жасабайт, бардык күнөөлөрдөн

тыйылат жана жаңжалдан алыс болот...". (Бакара, 197-аят).

Ишенимдүү хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ حَجَّ، فَلَمْ يَرْفُثْ، وَلَمْ يَفْسُقْ، رَجَعَ كَيَوْمِ وَلَدَتْهُ أُمُّهُ».

«Кимде-ким аялы менен жыныстык катнаш кылбай жана бузукулук иштерди кылбай ажылык кылса, анда ал энеден төрөлгөндөй күнөөлөрүнөн таза болуп кайтат»[1]. «Ар-рафас» – бул жыныстык катнаш, уят сөздөрдү айтуу жана уят иштерди кылуу. «Ал-фусук» – бул күнөөлөр. «Ал-жидал» – бул жалганды жактап же пайдасы жок нерселерде талашып-тартышуу. Ал эми акыйкатты даңазалап, жалганды жокко чыгаруу үчүн эң жакшы ыкма менен талашууга уруксат берилет, ал тургай ага буйрулган. Анткени Аллах Таала айткан:

﴿ادْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ وَجَادِلْهُمْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ...﴾

[1] Имам Бухари, 1521; Имам Муслим, 1350.

"(О, Мухаммад!) Раббиңдин жолуна хикмат - даанышмандык жана үлгүлүү насааттар менен даават кыл жана алар (жүз бургандар) менен эң сонун (далилдүү) талаш жүргүз...". (Нахл, 125-аят).

Ихрамдагы эркекке башына такыя, селде, чалма жана ушул сыяктуу жабышкан нерселерди кийүү арам болот. Ошондой эле бетин дагы. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Арафат күнү улоосунан кулап каза болгон адам жөнүндө мындай деген:

«اغْسِلُوهُ بِمَاءٍ وَسِدْرٍ، وَكَفِّنُوهُ فِي ثَوْبَيْهِ، وَلَا تُخَمِّرُوا رَأْسَهُ، وَلَا وَجْهَهُ، فَإِنَّهُ يُبْعَثُ يَوْمَ القِيَامَةِ مُلَبِّيًا»

«Аны суу жана сидр менен жуугула, эки кийими менен кепиндегиле. Башын да, бетин да жаппагыла. Анткени ал Кыямат күнү талбия айткан абалда кайра тирилет»[1] Бухарий жана Муслим риваяты, жогорудагы сөз Муслимге тиешелүү.

---

[1] Имам Бухари, 1521; Имам Муслим, 1350.

Ал эми машинанын чатырынын астында, кол чатыр же ушул сыяктуу нерселер менен көлөкөлөсө, эч кандай тыюу салынбайт. Бул чатырдын жана дарактын астында көлөкөлөгөн сыяктуу эле. Анткени хадисте пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Акаба ташын атып жатканда кийим менен көлөкө кылып турушканы тастыкталган. Ошондой эле, Арафа күнү ал үчүн Намирада чатыр тигилип, күн түштөн оогонго чейин ошол чатырдын астына түшкөнү да ишенимдүү хадисте айтылган.

Мухрим болгон эркектерге жана аялдарга кургактагы аңды өлтүрүү, ага жардам берүү жана аны ордунан үркүтүү, нике кыйуу, жыныстык катнаш кылуу, аялдын колун сурап баруу жана кумардануу менен аларга тийишүү арам кылынат. Анткени, Усман (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا يَنْكِحُ الْمُحْرِمُ وَلَا يُنْكِحُ وَلَا يَخْطُبُ» [49]

"Мухрим үйлөнбөйт, үйлөндүрбөйт жана кудалашпайт" (49)[1] Муслим риваят кылган.

Эгер ихрамдагы киши унутуп же билбестиктен тигилген кийим кийсе, же башын жапса, же атыр себинсе, ага фидия болбойт. Бирок эсине келгенде же билгенде дароо аны токтотушу керек. Ошол сыяктуу эле, ким унутуп же билбестиктен чачын алдырса, же чачынан бир нерсе алса, же тырмактарын алса, туурасы ага эч нерсе болбойт.

Мусулманга – ихрамда болсун, болбосун, эркек болсун, аял болсун – Харамдын аңын өлтүрүү жана курал, ишарат же ушул сыяктуу нерселер менен аны өлтүрүүгө жардам берүү арам.

Ошондой эле, ордунан үркүтүү да арам, Харамдын дарагын жана жашыл өсүмдүктөрүн кыюу, жана анда табылган буюмду (аны тааныта турган адамдан башкасына) алуу арам; анткени

---

[1] Имам Муслим, 1409.

пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«فَإِنَّ هَذَا البَلَدَ - يَعْنِي مَكَّةَ - حَرَامٌ بِحُرْمَةِ اللَّهِ إِلَى يَوْمِ القِيَامَةِ، لَا يُعْضَدُ شَوْكُهُ، وَلَا يُنَفَّرُ صَيْدُهُ، وَلَا يُلْتَقَطُ لُقَطَتُهُ إِلَّا مَنْ عَرَفَهَا، وَلَا يُخْتَلَى خَلَاهَا»

«Анткени, бул шаарды (б.а. Меккени) Аллах Таала Кыямат күнүнө чейин арам (ыйык) кылган. Анын тикени кесилбейт, жаныбарлары үркүтүлбөйт, табылган буюмун аны жарыялай турган адамдан башка эч ким албайт жана чөбү да жулунбайт»[1] Бухарий менен Муслим риваят кылган.

«Муншид» – бул таанытуучу, «Халаа» – бул көк чөп, Мина менен Муздалифа Харамдан, ал эми Арафат болсо Хиллден.

# Бөлүм:

# Ажы кылуучунун Меккеге киргендеги амалдары, жана Харам мечитине киргенден

[1] Имам Бухари, 1834; Имам Муслим, 1353.

## кийин аткарылуучу таваф жана анын сыпаты.

Ихрамга кирген киши Меккеге жеткенде, ага кирээрден мурун гусул алуусу мустахаб. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылган. Ал эми Харам мечитине жеткенде, ага оң буту менен кирип, мындай деп айтуусу сүннөт: "Бисмиллахи, вас-солаату вас-салааму 'алаа росуулиллахи, Аузу биллахил азиим, ва би важхихил карим, ва султанихил кодим, минаш-шайтоонир-рожим, Аллахумма ифтах лии абвааба рохматика" (Аллахым, мага рахмат эшиктериңди ач). Бул дуба башка бардык мечиттерге киргенде да айтылат. Мен билгенден, Харам мечитине кирүү үчүн пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү риваятта келген атайын зикир жок.

Эгер таматту ажылыгын же умра кылып жаткан болсо, Каабага жеткенде тавафты баштаардан мурун талбия айтууну

токтотот. Анан кара ташка барып, ага жүздөнөт. Андан соң оң колу менен сылап, адамдарга тыгылышып зыян келтирбестен, эгер мүмкүн болсо өбөт. Аны сылаганда: «Бисмиллахи, Аллаху акбар» же «Аллаху акбар» деп айтат. Эгер өбүү кыйын болсо, колу же таягы менен сылап, ошол нерсени өөп коёт. Эгер сылоо да кыйын болсо, ага ишара кылып, "Аллаху акбар" деп айтат да, колун өппөйт. Тавафтын туура болуусу үчүн, таваф кылуучу адам кичи жана чоң даараттсыздыктан таза болуусу шарт. Анткени таваф намаз сыяктуу, бирок анда сүйлөөгө уруксат берилген. Таваф учурунда Каабаны сол жагына коюп айланат. Эгер тавафты баштаганда: «О, Аллахым! Сага ыйман келтирип, китебиңди тастыктап, убадаңа бекем туруп жана пайгамбарың Мухаммаддын сүннөтүн ээрчип (бул ибадатты аткаруудамын)» - деп айтса, жакшы болот. Анткени бул пайгамбардан риваят кылынган. Анан жети жолу таваф кылат. Меккеге алгач келгенде аткарылуучу тавафтын алгачкы үч айлануусунда рамл кылат (жөөлөп басат).

Бул өкүм умра кылуучуга да, таматту ажылыгын аткаруучуга да, ифрад (жалгыз ажылык) же кыран (ажылык менен умраны бирге) ажылыгын аткаруучуга да тиешелүү. Ал эми калган төрт айлануусунда кадимкидей басат. Ар бир айланууну кара таштын тушунан баштап, кара таштын тушунан бүтүрөт.

Рамл: кадамдарды жакын коюп, желип-жортуп басуу. Ошондой эле, бул тавафта гана толугу менен изтибаа кылуу мустахаб. Изтиба – риданын ортосун оң колунун астынан өткөрүп, эки учун сол ийнине таштап коюу.

Эгерде айлануулардын санынан, мисалы, үч жолу же төрт жолу айланганынан шектенсе, анда аныгын, б.а. азын (үчтү) негиз кылып алат. Саъй кылууда да ушундай кылат.

Тавафты бүтүргөндөн кийин, анын эки рекет намазын окуудан мурун, ридасын кайра эки ийнине жаап, учтарын төшүнө түшүрүп коёт.

Аялдарды жасануудан, атыр жыттарды себинүүдөн, өздөрү аврет болгондуктан, жамынбастан таваф кылуудан тыйып эскертүү керек. Аларга таваф учурунда жана аялдар эркектер менен аралашкан башка учурларда жамынуу жана жасанууну таштоо важиб. Анткени алар аврет жана фитна. Аялдын жүзү анын эң көрүнүктүү коздугу болгондуктан, аны өз махрамдарынан башкаларга көрсөтүүгө уруксат эмес. Себеби Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ...﴾

"...Зыйнаттарын (моюн, билек сыяктуу зыйнат мүчөлөрүн) көргөзүшпөсүн! Бир гана күйөөлөрүнө...". (Нур, 31-аят). Кара ташты өпкөн учурда бөтөн эркектер көрүп турса, алардын бетин ачканы туура эмес. Эгер аларга ташты сылап, өбүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, эркектер менен тыгылышууга болбойт. Алардын артынан таваф кылышат. Бул алар үчүн эркектер менен тыгылышып Каабага жакын таваф кылгандан

жакшыраак жана сообу көбүрөөк. Бул тавафтан башкасында, сайъда жана аялдарга рамл менен изтибаъ кылынбайт. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рамл менен изтибаъны Меккеге биринчи келгендеги тавафында гана кылган. Таваф учурунда кичи жана чоң даараtсыздыктан таза, Раббисине моюн сунган жана кичи пейил абалда болуу керек.

Таваф учурунда Аллахты зикир кылууну жана дубаларды көп айтуу мустахаб. Анда Куран аяттарын окуса да жакшы болот. Бул тавафта да, башка тавафтарда да, саъйда да белгилүү бир зикирди же дубаны айтуу важыб эмес.

Ал эми кээ бир адамдардын тавафтын же саъйдын ар бир айлануусуна атайын зикирлерди же дубаларды белгилеп алганынын шариятта негизи жок. Тескерисинче, зикир жана дубадан мүмкүн болгонун айтуу жетиштүү. Йемен бурчуна келгенде оң колу менен сылап, "Бисмиллахи, Аллаху акбар" деп айтат,

бирок өппөйт. Эгер аны сылоого мүмкүн болбосо, ага колун көтөрбөйт, такбир айтпайт, жөн эле өтүп кетет. Анткени, биз билгенден, бул нерсе пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тастыкталган эмес. Йемен бурчу менен кара таштын ортосунда мындай деп айтуу сүннөт:

﴿...رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِي الْآخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ 201﴾

"О, Рабби! Бизге ушул дүйнөдө да, Акыретте да жакшылык бере көр жана бизди тозок азабынан сакта!" (Бакара, 201-аят). Кара таштын тушунан өткөн сайын аны сылап, өөп, "Аллаху акбар" дейт. Эгер аны сылап, өбүүгө мүмкүн болбосо, анын тушунан өткөн сайын "Аллаху акбар" деп ишара кылат.

Замзам менен Ибрахим макамынын артынан тавааф кылса күнөө болбойт, айрыкча эл көп болгон учурда. Мечиттин бардык жери тавааф кылууга жарайт. Эгер мечиттин ичиндеги өтмөктөрдө тавааф кылса да, ал кабыл болот. Бирок,

мүмкүнчүлүк болсо, Каабага жакын тавaф кылганы абзел.

Тавафты бүтүргөндөн кийин, мүмкүн болсо Макам Ибрахимдин артында эки рекет намаз окуйт. Эгер тыгын болсо, мечиттин каалаган жеринде окуйт. Анда "Фатихадан" кийин төмөнкү эки сүрөнү окуу сүннөт.

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ1﴾

"(О Мухаммад, каапырларга) айткын: «Эй, каапырлар!" (Каафирун, 1-аят). Биринчи ирекетинде ушуну окуйт.

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ1﴾

"Айт (оо, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!" (Ихлас, 1-аят). Экинчи рекетте ушуну окуу жакшы. Бирок башка сүрө окуса да зыяны жок. Андан соң, пайгамбарыбыздын жолуна (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип, кара ташка барат да, эгер мүмкүн болсо оң колу менен сылайт.

Анан "Сафа" эшигинен Сафага чыгып, ага көтөрүлүп, бир азга токтойт. Эгер

мүмкүн болсо көтөрүлүү жакшы. Биринчи саъйди баштаарда төмөнкү аятты окуйт:

﴿إِنَّ الصَّفَا وَالْمَرْوَةَ مِنْ شَعَائِرِ اللَّهِ...﴾

"Сафа менен Марва Аллахтын (дининин) белгилеринен...". (Бакара, 158-аят).

Сафада Кыбылага жүздөнүп, Аллахка мактоо айтып, такбир айтып, мындай дейт: "Лаа илааха иллаллаху валлаху акбар, лаа илааха иллаллаху вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку, ва лахул хамду, юхйии ва юмииту, ва хува алаа кулли шайиң кодир. Лаа илааха иллаллаху вахдах, анжаза ваъдах, ва насаро абдах, ва хазамал ахзааба вахдах", Анан колун көтөрүп, каалаган дубаларын кылат. Бул зикир-дубаны үч жолу кайталайт. Анан ылдыйлап Марваны көздөй басат. Биринчи белгиден экинчи белгиге жеткенге чейин эркектер батыраак басышат. Ал эми аялдарга бул эки жашыл белгинин ортосунда бат басуу керек эмес, анткени аял киши аврат болуп эсептелет. Алар сайъдын баарын басып эле аткарышат. Анан Марва тарапка басып

барып, ага көтөрүлөт. Эгер мүмкүн болсо көтөрүлүү жакшы. Анан Сафада айткан зикир дубаларды айтат. Болгону төмөнкү аятты окубайт:

﴿إِنَّ الصَّفَا وَالْمَرْوَةَ مِنْ شَعَائِرِ اللَّهِ...﴾

"Сафа менен Марва Аллахтын (дининин) белгилеринен...". (Бакара, 158-аят) Бул пайгамбардын жолун (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип, биринчи жолу Сафага чыкканда гана кылынат. Анан түшүп, баса турган жерде басып, ылдамдай турган жерде ылдамдап, Сафага жетет. Ушинтип жети жолу айланат. Барганы бир, кайтканы бир саъй болуп эсептелет. Анткени пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жогоруда айтылгандарды аткарып, мындай деген:

«خُذُوا عَنِّي مَنَاسِكَكُمْ».

"Амалдарыңарды кантип аткарууну менден көрүп алгыла"."[1]. Сайъ кылып жатканда зикир, дубаларды көп айтуу жана

---

[1] Анын булагы жогоруда өттү.

чоң-кичине дааратсыздыктан таза болуу мустахаб. Дааратсыз сайъ кылса дагы, ал жарай берет. Ошондой эле тавафтан кийин этек кири же нифас каны келген аял деле сайъ кыла берет. Анткени, мурда айтылгандай, сайъга даарат шарт эмес, жөн гана мустахаб.

Саъйды бүтүргөн соң чачын кырып алдырат же кыскартат. Эркек киши үчүн чачты кырып алдыруу жакшы. Эгер чачын кыскартып, кырып алууну ажылыкка калтырса, анда бул жакшы. Эгер Меккеге келген убагы ажылыкка жакын болсо, анда ажылыкта чачын кырып алдыруу үчүн, чачын кыскартканы жакшы. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары менен Зулхиджа айынын төртүнчү күнү Меккеге келгенде, курмандыкка мал алып келбегендерге ихрамдан чыгып, чачын кыскартууга буйруган, бирок чачын кырып алдырууга буйруган эмес. Чачты кыскартууда баштын баарынан кыскартуу лаазым. Баштын бир бөлүгүнөн эле кыскартуу жетишсиз, ошол сыяктуу эле

баштын бир бөлүгүн кырып алуу да жетишсиз. Ал эми аял кишиге чачын кыскартуу гана шариатта көрсөтүлгөн. Ага ар бир өрүмүнүн учунан манжанын учундай же андан азыраак кесүүсү буйрулган. Анмула – бул манжанын учу. Аял киши андан ашык албайт.

Эгер ихрамга кирген адам жогоруда айтылгандарды аткарса, анын умрасы толук болуп, ага ихрам себептүү тыюу салынган бардык нерселер адал болот. Бир гана, эгер ал сырттан хадий малын алып келген болсо, анда ал ажылык менен умранын экөөнөн тең ихрамдан чыкканга чейин ихрамында кала берет.

Ал эми ажынын өзүн гана аткарууну ниет кылып, же ажы менен умрага чогуу ихрамга кирген кишиге ихрамын умрага айландырып, таматту кылган кишинин амалдарын аткаруусу сүннөт. Бирок эгерде ал хадий малын алдына салып айдап келген болсо, анда андай эмес. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун) сахабаларына ушундай кылууну буйруп, минтип айткан:

«لَوْ لَا أَنِّي سُقْتُ الهَدْيَ لَأَحْلَلْتُ مَعَكُمْ» [52].

«Эгер мен курмандык малды айдап келбегенимде, силер менен кошо ихрамдан чыкмакмын» (52-аят).[1]

Эгер аял киши умрага ихрамга киргенден кийин айыз каны же төрөт каны келип калса, анда ал таза болгонго чейин Каабаны таваф кылбайт жана Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркабайт. Айыз канынан жана төрөт канынан таза болсо, анда таваф кылат, Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркайт, чачын кыскартат жана ушуну менен анын умрасы толук болот. Эгер Зулхиджа айынын сегизинчи күнүнө чейин таза болбосо, анда өзү турган жеринен ажылыкка ниет кылып ихрамга кирет да, адамдар менен бирге Мина өрөөнүнө чыгат. Ушуну менен ал киран ажылыгын кылат жана башка ажылар сыяктуу Арафат тоосунда туруу, Муздалифа өрөөнүндө туруу, таш атуу,

---

[1] Имам Бухари, 1568.

Муздалифа жана Минада түнөө, курбандык чалуу жана чач кыскартуу сыяктуу амалдарды аткарат. Айыз канынан таза болгондо Каабаны таваф кылып, Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркайт. Ушул бир таваф жана бир сайъ анын ажылыгына да, умрасына да жетиштүү болот. Анткени Айшанын хадисинде, ал умрага ихрамга киргенден кийин айыз көргөндө, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага мындай деген:

«افْعَلِي مَا يَفْعَلُ الحَاجُّ غَيْرَ أَنْ لَا تَطُوفِي بِالبَيْتِ حَتَّى تَطْهُرِي» [53]

«Ажылар эмне кылса ошону кыл, таза болмоюнча Каабаны таваф кылба»[1] Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Айыз көргөн же төрөт канын көргөн аял Курбан айт күнү шайтанга таш атып, чачын кыскартса, ага ихрамда тыюу салынган атыр себинүү жана ушул сыяктуу бардык нерселер адал болот, бирок башка таза аялдар сыяктуу ажылыгын толуктаганга

[1] Имам Бухари, 305; Имам Муслим, 1211.

чейин күйөөсү менен кошулууга болбойт. Качан ал канынан тазаланып, таваф жана сайъ кылса, ага күйөөсү менен кошулуу адал болот.

## Бөлүм:

## Зулхиджа айынын сегизинчи күнү ажылыкка ихрамга кирүү жана Минага чыгуунун өкүмү.

Тарвия күнү, Зулхиджа айынын сегизинчи күнү болгондо, Меккеде ихрамсыз жүргөндөргө жана анын тургундарынан ажылык кылууну каалагандарга өз үйлөрүнөн ажылыкка ихрамга кирүүсү мустахаб. Анткени пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары Абтах деген жерде туруп, тарвия күнү анын буйругу менен ошол жерден ажылыкка ихрамга киришкен. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга Байтуллага

барып, анын жанынан же мийзабдын жанынан ихрамга кирүүнү буйруган эмес. Ошондой эле Минага чыгып бара жатканда коштошуу тавафын кылууга да буйруган эмес. Эгер бул шариятта көрсөтүлгөн болгондо, анда аларга үйрөтмөк. Бардык жакшылык пайгамбарыбызды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабаларын (аларга Аллах ыраазы болсун) ээрчүүдө.

Ажылыктын ихрамында жуунуп, тазаланып, жыттуулануу мийкаттан ихрамга киргендегидей эле, мустахаб. Ажылыкка ихрамга киргенден кийин, Тарвия күнү түшкө чейин же андан кийин Минага баруу жана Жамратул-Акабада таш атканга чейин талбияны көп айтуу сүннөт. Минада бешим, дигер, шам, куптан жана багымдат намаздарын окушат. Сүннөт боюнча ар бир намазды өз убагында, каср кылып, бирок жамъ кылбай окушат. Ал эми шам жана багымдат намаздары кыскартылбайт.

Меккеликтер менен башкалардын ортосунда айырма жок. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мина, Арафат жана Муздалифада меккеликтер жана башкалар менен бирге намазды кыскартып окуган, бирок меккеликтерге аны толук окууга буйруган эмес. Эгерде бул аларга важип болгондо, анда аны аларга баяндап бермек.

Анан Арафа күнү күн чыккандан кийин ажылар Минадан Арафатка жөнөйт. Эгер мүмкүн болсо, Намирага түшүп чак түштөн оогончо туруу сүннөт. Анткени, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ошондой кылган.

Күн чак түштөн оогондон кийин имамга же анын орун басарына адамдарга учурга ылайыктуу кутпа айтуусу сүннөт. Ал кутпада ажылык кылуучуга ушул күнү жана андан кийин шариатта эмнелер буйрулганын баяндайт, аларды Аллахка такыба кылууга, Аны жалгыздоого жана бардык амалдарда Ага ыклас кылууга буйруйт, Анын арам кылган нерселеринен

эскертет, жана аларга Аллахтын Китебин жана Анын пайгамбарынын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) сүннөтүн бекем кармануугa, бардык иштерде ошол экөө менен өкүм кылууга жана ошол экөөнө кайрылууга осуят кылат. Мунун баарында пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчилет. Андан кийин бешим менен дигерди кыскартып жана биринчисинин убактысына бириктирип, бир азан жана эки икомат менен окушат. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) ушундай кылган. Муну Муслим Жабирден (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган.

Анан адамдар Арафатта турушат. Урана өрөөнүнөн башка Арафаттын бардык жери туруучу жай. Эгер мүмкүн болсо, кыблага жана Рахма тоосуна жүздөнүү мустахаб. Эгер экөөнө тең жүздөнүү мүмкүн болбосо, тоого жүздөнбөсө да, кыблага жүздөнөт. Ажыга бул жерде турганда Аллахты зикир кылууга, дуба кылууга жана Ага жалбарууга аракет кылуусу мустахаб. Дуба

кылып жатканда колдорун көтөрөт. Эгер талбия айтса же Курандан бир нерсе окуса, жакшы болот. Төмөнкү дубаны көп айтуу сүннөт: "Эч бир кудай жок, Аллахтын Өзү бар. Ал - жалгыз. Анын эч бир шериги жок. Мүлк жана мактоо жалгыз Ага таандык. Ал тирилтет жана өлтүрөт. Ал бардык нерсеге кудуреттүү". Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«خَيْرُ الدُّعَاءِ دُعَاءُ يَوْمِ عَرَفَةَ، وَأَفْضَلُ مَا قُلْتُ أَنَا وَالنَّبِيُّونَ مِنْ قَبْلِي: لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ المُلْكُ وَلَهُ الحَمْدُ، يُحْيِي وَيُمِيتُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ»،

«Дубанын жакшысы - Арафат күнүндөгү дуба, жана мени менен менден мурдагы пайгамбарлардын айткан эң абзел сөзү: "Эч бир кудай жок, Аллахтын Өзү бар. Ал - жалгыз. Анын эч бир шериги жок. Мүлк жана мактоо жалгыз Ага таандык. Ал тирилтет жана өлтүрөт. Ал бардык нерсеге кудуреттүү"»[1], Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте мындай деген:

---

[1] Тирмизи, 3585.

«أَحَبُّ الكَلَامِ إِلَى اللَّهِ أَرْبَعٌ: سُبْحَانَ اللَّهِ، وَالحَمْدُ لِلَّهِ، وَلَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ، وَاللَّهُ أَكْبَرُ».

«Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар»[1].

Демек, бул зикирди ишеним жана чын жүрөктөн берилип, көп-көп кайталоо керек. Ошондой эле шариатта келген зикирлер менен дубаларды ар убакта, өзгөчө ушул улуу күнү жана ушул жерде көп айтуу зарыл. Зикирлер менен дубалардын эң мазмундуу жана камтуучу түрлөрүн тандоо керек. Алардын айрымдары булар:

"Аллахты бардык жаман сыпаттардан аруулайм жана Аллахка мактоолор айтам, Улук Аллахты бардык жаман сыпаттардан аруулайм".

﴿...لَا إِلَهَ إِلَّا أَنتَ سُبْحَانَكَ إِنِّي كُنتُ مِنَ الظَّالِمِينَ 87﴾

"Өзүңдөн башка сыйынылуучу Зат жок. (Оо, Раббим!) Сен Аруу-Таза Кудайсың! Мен залимдерден болуп калдым!" (Анбия, 87-аят).

[1] Имам Муслим, 2137.

"Аллахтан башка эч бир кудай жок, биз Ага гана ибадат кылабыз. Нээмат, артыкчылык жана бардык жакшы мактоолор Ага таандык. Аллахтан башка эч бир кудай жок. Биз эгер каапырлар жаман көрсө да Аллахка калыс ибадат кылабыз".

* "Ар кандай абалдан башка бир абалга өзгөртүүчү, бардык күч-кубат ээси Аллах гана"[1].

* ﴿...رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِي الْآخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ 201﴾

"О, Рабби! Бизге ушул дүйнөдө да, Акыретте да жакшылык бере көр жана бизди тозок азабынан сакта!"

(Бакара, 201-аят).

* اللَّهُمَّ أَصْلِحْ لِي دِينِيَ الَّذِي هُوَ عِصْمَةُ أَمْرِي، وَأَصْلِحْ لِي دُنْيَايَ الَّتِي فِيهَا مَعَاشِي، وَأَصْلِحْ لِي آخِرَتِيَ الَّتِي فِيهَا مَعَادِي، وَاجْعَلِ الحَيَاةَ زِيَادَةً لِي فِي كُلِّ خَيْرٍ، وَالمَوْتَ رَاحَةً لِي مِنْ كُلِّ شَرٍّ [57].

О Аллах. Менин ишимдин коргоочусу болгон динимди оңдо. Менин жашоо тирилигим өтүп жаткан дүйнөмдү оңдо. Менин кайтып бара турган жерим болгон

[1] Имам Муслим, 594.

акыретимди ондо. Жашоомду мен үчүн ар кандай жакшылыкка бай кыл. Өлүмдү мен үчүн ар кандай жамандыктан куткаруучу кыл.[1]

* أَعُوذُ بِاللَّهِ مِنْ جَهْدِ البَلَاءِ، وَدَرَكِ الشَّقَاءِ، وَسُوءِ القَضَاءِ، وَشَمَاتَةِ الأَعْدَاءِ.

"Аллахым, балээнин машакатынан, бактысыздыкка кабылуудан, тагдырдын жамандыгынан жана душмандардын табалоосунан сактоону Өзүңдөн суранам"[2].

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الهَمِّ وَالحَزَنِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ العَجْزِ وَالكَسَلِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الجُبْنِ وَالبُخْلِ، وَمِنَ المَأْثَمِ وَالمَغْرَمِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ غَلَبَةِ الدَّيْنِ وَقَهْرِ الرِّجَالِ [59].

"О Аллах! Сени менен тынчсыздануудан, кайгы-кападан, алсыздыктан, жалкоолуктан, коркоктуктан, сараңдыктан, күнөөдөн, карыздан, карыздын оордугунан жана кишилердин үстөмдүк кылуусунан сактанам". (59)[3]

---

[1] Имам Муслим, 2720.

[2] Имам Бухари, 6347.

[3] Абу Дауд, Абу Умама аль-Ансариден ушул сөз менен, (ومن المأثم والمغرم) деген сөзү жок, 1554.

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ البَرَصِ وَالجُنُونِ وَالجُذَامِ وَمِنْ سَيِّئِ الأَسْقَامِ.

«Аллахумма инни а'узу бика минал-бароси, вал-жунууни, вал-жузаами, ва мин саййи'ил-аскаам».

"Оо, Аллах! Мени пес оорусунан, жиндиликтен, ала оорусунан жана жаман оорулардан сакта!"[1].

"О, Аллах! Мен Сенден дүйнө жана Акыретте кечирим менен амандыкты тилеймин".

"Аллахым, мен Сенден динимде, жашоо-турмушумда, үй-бүлөмдө жана мал-мүлкүмдө кечирим жана амандыкты тилейм".

* اللَّهُمَّ اسْتُرْ عَوْرَتِي وَآمِنْ رَوْعَاتِي، اللَّهُمَّ احْفَظْنِي مِنْ بَيْنِ يَدَيَّ وَمِنْ خَلْفِي، وَعَنْ يَمِينِي وَعَنْ شِمَالِي، وَمِنْ فَوْقِي، وَأَعُوذُ بِعَظَمَتِكَ أَنْ أُغْتَالَ مِنْ تَحْتِي.

* "Аллахым, менин уяттуу жерлеримди бекит жана коркунучтан аман сакта. Аллахым, мени алды-артымдан, оң тарап, сол тарабымдан жана төбөмдөн (келчү

---

[1] Абу Дауд, 1554.

балээлерден) сакта. Ошондой эле түбүмөн келүүчү кыянат өлүмдөн Өз улуулугуң менен сактай көр!"[1].

* اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي جِدِّي وَهَزْلِي، وَخَطَئِي وَعَمْدِي، وَكُلَّ ذَلِكَ عِنْدِي، اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي مَا قَدَّمْتُ وَمَا أَخَّرْتُ، وَمَا أَسْرَرْتُ وَمَا أَعْلَنْتُ، وَمَا أَنْتَ أَعْلَمُ بِهِ مِنِّي، أَنْتَ المُقَدِّمُ وَأَنْتَ المُؤَخِّرُ، وَأَنْتَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ.

"Аллахым, менин чынымды да, азилимди да, каталарымды жана атайын кылгандарымды кечир, мунун баары менде бар. Аллахым, менин мурдагы жана кийинки, жашыруун жана ачык, жана Өзүң менден жакшы билген күнөөлөрүмдү кечир. Сен алдыда кылуучу жана кечиктирүүчүсүң. Сен бардык нерсеге күчү жетүүчү Кадырсың"[2].

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الثَّبَاتَ فِي الأَمْرِ وَالعَزِيمَةَ عَلَى الرُّشْدِ، وَأَسْأَلُكَ شُكْرَ نِعْمَتِكَ وَحُسْنَ عِبَادَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ قَلْبًا سَلِيمًا وَلِسَانًا صَادِقًا، وَأَسْأَلُكَ مِنْ خَيْرِ مَا تَعْلَمُ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا تَعْلَمُ، وَأَسْتَغْفِرُكَ لِمَا تَعْلَمُ، إِنَّكَ عَلَّامُ الغُيُوبِ.

---

[1] Абу Дауд, 5074.

[2] Имам Муслим Абу Муса аль-Ашарийден риваят кылган хадис, 2719.

* "Аллахым, мен Сенден иштерде туруктуулукту жана туура жолдо чечкиндүү болуууну сурайм. Сенден нээматыңа шүгүр кылууну жана Сага жакшылап ибадат кылууну сурайм. Сенден таза жүрөктү жана чынчыл тилди сурайм. Сенден Өзүң билген жакшылыктарды сурайм, Өзүң билген жамандыктардан сактооңду сурайм жана Өзүң билген (күнөөлөрүм) үчүн кечирим сурайм. Чындыгында, Сен кайыптарды толук Билүүчүсүң"[1].

* اللَّهُمَّ رَبَّ النَّبِيِّ مُحَمَّدٍ عَلَيْهِ الصَّلَاةُ وَالسَّلَامُ، اغْفِرْ لِي ذَنْبِي، وَأَذْهِبْ غَيْظَ قَلْبِي وَأَجِرْنِي مِنْ مُضِلَّاتِ الفِتَنِ مَا أَحْيَيْتَنَا.

"О Аллах, Мухаммад пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) Раббиси! Менин күнөөмдү кечире көр, жүрөгүмдөгү каарды кетире көр жана бизге өмүр бергениңче адаштыруучу фитналардан сактай көр"[2].

---

[1] Тирмизи, 3407.

[2] (Ахмад, 6/301. Умм Салама (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган).

* اللَّهُمَّ رَبَّ السَّمَاوَاتِ وَرَبَّ الأَرْضِ وَرَبَّ العَرْشِ العَظِيمِ، رَبَّنَا وَرَبَّ كُلِّ شَيْءٍ، فَالِقَ الحَبِّ وَالنَّوَى، وَمُنْزِلَ التَّوْرَاةِ وَالإِنْجِيلِ وَالفُرْقَانِ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ كُلِّ شَيْءٍ أَنْتَ آخِذٌ بِنَاصِيَتِهِ، اللَّهُمَّ أَنْتَ الأَوَّلُ فَلَيْسَ قَبْلَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ الآخِرُ فَلَيْسَ بَعْدَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ الظَّاهِرُ فَلَيْسَ فَوْقَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ البَاطِنُ فَلَيْسَ دُونَكَ شَيْءٌ، اقْضِ عَنَّا الدَّيْنَ وَأَغْنِنَا مِنَ الفَقْرِ.

"О, асмандардын, жердин жана Улуу Арштын Раббиси! Биздин жана бардык нерселердин Раббиси! Дан менен данектин жаруучусу! Тоорат, Инжил жана Курандын түшүрүүчүсү болгон Аллах! Кол астыңдагы бардык нерселердин жамандыгынан Өзүң сакта. О, Аллах! Сен - эң абалкысын - Сенден илгери эч нерсе болгон эмес. Сен - эң акыркысын - Сенден кийин да эч нерсе болбойт. Сен эн жогоркусуң - Сенин үстүндө эч нерсе жок. Сен жашыруунсуң - Сенден астыда эч нерсе жок. Бизди карызыбыздан кутултуп, кедейликтен сактап, байыта көр!"[1].

* اللَّهُمَّ أَعْطِ نَفْسِي تَقْوَاهَا، وَزَكِّهَا أَنْتَ خَيْرُ مَنْ زَكَّاهَا، أَنْتَ وَلِيُّهَا وَمَوْلَاهَا، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ العَجْزِ وَالكَسَلِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الجُبْنِ وَالهَرَمِ وَالبُخْلِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ عَذَابِ القَبْرِ.

---

[1] Имам Муслим, 2713.

"О, Аллах! Напсиме такыбалык бер, аны тазала, Сен тазалоочулардын эң жакшысысың. Сен анын Ээси жана Кожоюнусусуң. О, Аллах! Мени алсыздыктан, жалкоолуктан, коркоктуктан, карылыктан, сарандыктан жана кабыр азабынан сакта!"[1].

* اللَّهُمَّ لَكَ أَسْلَمْتُ، وَبِكَ آمَنْتُ، وَعَلَيْكَ تَوَكَّلْتُ، وَإِلَيْكَ أَنَبْتُ، وَبِكَ خَاصَمْتُ، أَعُوذُ بِعِزَّتِكَ أَنْ تُضِلَّنِي، لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ، أَنْتَ الحَيُّ الَّذِي لَا يَمُوتُ، وَالجِنُّ وَالإِنْسُ يَمُوتُونَ.

"О, Аллах! Сага моюн сундум, Сага ыйман келтирдим, Сага тобокел кылдым, Сага тообо кылдым жана Сенин жолуңда күрөштүм. Мени адаштыруудан Сенин улуулугуңа сыйынам. Сенден башка эч бир илах жок. Сен – эч качан өлбөс Тирүүсүң, ал эми жиндер менен инсандар өлүшөт"[2].

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ عِلْمٍ لَا يَنْفَعُ، وَمِنْ قَلْبٍ لَا يَخْشَعُ، وَمِنْ نَفْسٍ لَا تَشْبَعُ، وَمِنْ دَعْوَةٍ لَا يُسْتَجَابُ لَهَا.

"О Аллахым! Сени менен пайдасыз илимден, (Сенден) коркпогон жүрөктөн,

[1] Имам Муслим, 2722.
[2] Имам Муслим, 2717.

тойбогон нафстан жана кабыл болбогон дубадан сактанам".[1].

* اللَّهُمَّ جَنِّبْنِي مُنْكَرَاتِ الأَخْلَاقِ وَالأَعْمَالِ وَالأَهْوَاءِ وَالأَدْوَاءِ.

* "О, Аллах! Мени жаман кулк-мүнөздөрдөн, жаман иштерден, жаман каалоолордон жана ооорулардан сакта!"[2].

* اللَّهُمَّ أَلْهِمْنِي رُشْدِي، وَأَعِذْنِي مِنْ شَرِّ نَفْسِي [70].

"Аллахым, мага туура жолумду илхам кыл жана мени напсимдин жамандыгынан сакта" (70).[3]

* اللَّهُمَّ اكْفِنِي بِحَلَالِكَ عَنْ حَرَامِكَ، وَأَغْنِنِي بِفَضْلِكَ عَمَّنْ سِوَاكَ[71].

* "О Аллах! Мага адалды жетиштүү кылып, арамдан сакта жана Өзүңдүн артыкчылыгың менен мени башкаларга муктаж кылба" (71).[4]

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الهُدَى وَالتُّقَى وَالعَفَافَ وَالغِنَى [72].

* "Аллахым, мен Өзүңдөн туура жолду, такыбалыкты, күнөөдөн оолак болууну

---

[1] Бул Зайд ибн Аркамдын хадисинин бир бөлүгү, мурда 2722-номурда келтирилген.

[2] Тирмизи, 3591.

[3] Имам Тирмизи, 3483.

[4] Тирмизи, 3563.

жана пенделерге беймуктаж болууну суранамын" (72).[1]

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الهُدَى وَالسَّدَادَ [73].

"Аллахым, мен Өзүңдөн туура жолду жана түз жүрүүнү суранамын" (73).[2]

* اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنَ الخَيْرِ كُلِّهِ، عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ، مَا عَلِمْتُ مِنْهُ وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الشَّرِّ كُلِّهِ، عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ، مَا عَلِمْتُ مِنْهُ وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، وَأَسْأَلُكَ مِنْ خَيْرِ مَا سَأَلَكَ مِنْهُ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ مُحَمَّدٌ ﷺ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا اسْتَعَاذَ مِنْهُ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ مُحَمَّدٌ ﷺ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الجَنَّةَ وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ النَّارِ وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَسْأَلُكَ أَنْ تَجْعَلَ كُلَّ قَضَاءٍ قَضَيْتَهُ لِي خَيْرًا.

"Аллахым, Сенден жакшылыктын баарын, азыркысын да, кийинкисин да, мен билгенин да, билбегенин да суранам. Сенин жардамың менен бардык жамандыктан, азыркысынан да, кийинкисинен да, мен билгенинен да, билбегенинен да коргоном. Сенден кулуң жана пайгамбарың Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сураган жакшылыкты сурайм. Сенден кулуң жана пайгамбарың Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана

[1] Имам Муслим, 2721.
[2] Имам Муслим, 2725.

мактоосу болсун) сактоону сураган жамандыктан сактооңду сурайм. Аллахым, мен Сенден бейишти сурайм. Бейишке жакындата турган сөздөрдү жана амалдарды сурайм. Сенден тозоктон сактоону сурайм. Тозокко жакындата турган сөздөрдөн жана амалдардан сактоону сурайм. Сен чыгарган тагдыр-өкүмдүн баары мен үчүн жакшылык болуусун сурайм"[1].

* لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الحَمْدُ، يُحْيِي وَيُمِيتُ بِيَدِهِ الْخَيْرُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، سُبْحَانَ اللَّهِ، وَالحَمْدُ لِلَّهِ، وَلَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ، وَاللَّهُ أَكْبَرُ، وَلَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللَّهِ العَلِيِّ العَظِيمِ.

"Аллахтан башка кудай жок, Ал жалгыз, Анын шериги жок. Мүлк Аныкы жана мактоо Ага таандык. Өмүр берүүчү да, Өлтүрүүчү да Өзү, жакшылык Анын колунда. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү. Аллах - Аруу, Таза, бардык мактоо Ага таандык. Аллахтан башка кудай жок. Аллах - улук. Эң жогорку жана эң улук болгон

[1] Ибн Мажа, 3846, Айшадан (Аллах андан ыраазы болсун).

Аллахтын күч-кудуретинен өткөн күч-кудурет жок"[1].

* اللَّهُمَّ صَلِّ عَلَى مُحَمَّدٍ، وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ، كَمَا صَلَّيْتَ عَلَى إِبْرَاهِيمَ، وَعَلَى آلِ إِبْرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ، وَبَارِكْ عَلَى مُحَمَّدٍ، وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ، كَمَا بَارَكْتَ عَلَى إِبْرَاهِيمَ، وَعَلَى آلِ إِبْرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ.

* "О Аллах! (Пайгамбарың) Ибрахим жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылган сыяктуу (пайгамбарың) Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Чындыгында Сен мактоого татыктуу, улук Затсың! О, Аллах! Ибрахимди жана анын үй-бүлөсүн берекеттүү кылгандай, (пайгамбарың) Мухаммадды жана анын үй-бүлөсүн дагы берекеттүү кыл! Албетте Сен мактоого татыктуу Улук Затсың!"[2].

* ﴿...رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِي الْآخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ 201﴾

"О Рабби! Бизге ушул дүйнөдө да, Акыретте да жакшылык бере көр жана бизди тозок азабынан сакта!"

(Бакара, 201-аят).

---

[1] Имам Бухари, 1154.
[2] Имам Бухари, 3370.

Бул ыйык жерде ажылар жогоруда айтылган жана ошол маанидеги зикир, дубаларды, ошондой эле пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салаваттарды кайталап айтуу мустахаб. кайра-кайра жалбарып дуба кылып, Раббисинен дүйнө жана акыреттин жакшылыктарын сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дуба кылса, аны үч жолу кайталаган, ошондуктан бул иште андан үлгү алуу керек.

Мусулман бул учурда Раббисине моюн сунуп, Ага кичи пейилдик кылып, баш ийип, Анын алдында өзүн төмөн тутат. Анын ырайымын жана кечиримин үмүт кылат, азабынан жана каарынан коркот. Өзүнө эсеп берип, чын ыкласы менен тообосун жаңылайт. Анткени бул улуу күн жана чоң жыйын. Бул күнү Аллах пенделерине берешендик кылат, алар менен периштелерине мактанат жана тозоктон кутулуу көп болот. Бадр күнүнөн башка, шайтан Арафа күнүндөгүдөй жеңилген, кичирейген жана кор болгон абалда эч бир

күндө көрүнбөйт. Бул анын Аллахтын пенделерине болгон берешендигин, жакшылыгын, алардын көп санда тозоктон куткарылганын жана кечирилгенин көргөнү үчүн.

Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Айша (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا مِنْ يَوْمٍ أَكْثَرَ مِنْ أَنْ يُعْتِقَ اللَّهُ فِيهِ عَبْدًا مِنَ النَّارِ مِنْ يَوْمِ عَرَفَةَ، وَإِنَّهُ لَيَدْنُو ثُمَّ يُبَاهِي بِهِمُ المَلَائِكَةَ، فَيَقُولُ: مَا أَرَادَ هَؤُلَاءِ؟».

"Аллах Таала пенделерин Арафа күнүндө азат кылгандай башка күндөрү көп азат кылбайт. Албетте, Ал (аларга) жакындайт, андан соң периштелердин алдында мактанып, мындай дейт: "Булар эмнени каалашат?""[1].

Ошондуктан мусулмандар Аллахка жакшы амалдарын көрсөтүп, душманы болгон шайтанды кор кылып, аны көп зикир жана дуба кылуу, бардык күнөөлөр

[1] (Муслим, 1348. Айша (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган).

менен катачылыктардан тообо кылып, кечирим суроону кармануу менен кайгыга салуулары керек. Ажылар бул жерде күн батканга чейин зикир, дуба жана жалбаруу менен алек болуп турушат. Күн батканда, алар Муздалифага токтоолук жана салмактуулук менен жөнөшөт, көп талбия айтышат жана кең жерде ылдам басышат; анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылган. Күн бата электе кетүүгө болбойт. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күн батканга чейин турган жана минтип айткан:

«خُذُوا عَنِّي مَنَاسِكَكُمْ».

"Амалдарыңарды кантип аткарууну менден көрүп алгыла"[1].

Муздалифага жеткенден кийин, ал жерге шам убагында же куптан убагы киргенден кийин жеткенине карабастан, жетери менен бир азан жана эки икомат менен шамды үч, куптанды эки ирекет кылып кошуп чогуу окушат, анткени пайгамбарыбыз (ага

---

[1] Булагы жогоруда айтылды.

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылган.

Кээ бир карапайым адамдардын Муздалифага жетери менен, намаз окуудан мурун шайтанга ата турган таштарды терип алуусу жана алардын көбүнүн муну шариятта көрсөтүлгөн деп ишенүүсү – эч кандай негизи жок ката. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнө таш терип берүүнү Машъардан (Муздалифадан) Минага жөнөгөндөн кийин гана буйруган. Ташты кайсы жерден терсе да жарай берет, аны сөзсүз Муздалифадан терүү шарт эмес. Аны Минадан терсе да болот. Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип, бул күнү Жамрат ал-Акабада атуу үчүн жети таш терүү сүннөт. Ал эми кийинки үч күндө үч жамаратка таш атуу үчүн Минадан күн сайын жыйырма бирден таш терип алат.

Таштарды жуу сүннөт эмес, аларды жуубастан атат. Анткени пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу

болсун) жана анын сахабаларынан андай кылганы риваят кылынган эмес. Мурда атылган таш менен кайра атууга болбойт.

Бул түнү ажы Муздалифада түнөйт. Ал эми алсыз аялдарга, жаш балдарга жана ушул сыяктууларга түндүн аягында Минага кетүүгө уруксат. Бул тууралуу Айша, Умму Салама жана башкалардан хадис риваят кылынган. Ал эми калган ажылар багымдат намазын окуганга чейин ал жерде калып, андан кийин Машъар ал-Харамдын жанына туруп, кыбылага бет алып, күн толук жарыганга чейин Аллахты көп зикир кылып, такбир айтып жана дуба кылуулары зарыл. Бул жерде дуба кылып жатканда колдорду көтөрүү мустахаб. Муздалифанын кайсы жеринде токтошпосун, ошол жетиштүү болот жана аларга Машъарга жакындап баруу же ага чыгуу милдет эмес. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«وَقَفْتُ هَاهُنَا - يَعْنِي عَلَى المَشْعَرِ الحَرَامِ - وَجَمْعٌ كُلُّهَا مَوْقِفٌ»

«Ушул жерде (тактап айтканда, Машъар ал-Харамда) тургам. Жамъдын баары тура турган жер»[1] Имам Муслим "Сахих Муслим" китебинде риваят кылган. Жамъ дегени, бул Муздалифа.

Жер толук жарыганда күн чыкканга чейин Минага кайтышат. Жолдо бара жатып, талбияны көп айтышат. Мухассирге жеткенде бир аз ылдамыраак басуу мустахаб.

Минага жетишкенде Жамрат ал-Акабанын жанында талбия айтууну токтотуп, ал жерге жетери менен биринин артынан бирин жети жолу таш атышат. Ар бир ташты атканда колун көтөрүп, такбир айтат. Ташты өрөөндүн ортосунан туруп, Каабаны сол жагына, ал эми Минаны оң жагына калтырып атуу мустахаб. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылган. Эгер башка тараптан атса да, таш атуучу жайга түшсө эле жарай берет. Таштын ошол жерде калуусу шарт эмес, болгону анын

[1] Имам Муслим, 1218.

ошол жерге түшүүсү гана шарт. Эгер таш таш атуучу жайга түшүп, анан кайра чыгып кетсе, аалымдардын сөзүнө караганда, ал жарай берет. Муну Имам ан-Навави, «Шарх ал-Мухаззаб» китебинде ачык айткан. Шайтанга ата турган таштардын өлчөмү нокоттон бир аз чоңураак болот.

Андан кийин таш аткандан соң курмандыгын соёт. Аны соёрдо: “Бисмиллахи, Аллаху акбар! О, Аллахым, бул Сенден жана Сага” – деп айтуусу мустахаб. Аны Кыбылага каратат. Төөнү сол алдыңкы бутун тушап, тик турган абалында, ал эми уй менен койду сол капталына жаткырып союу - сүннөт. Эгер Кыбыладан башка тарапка каратып сойсо, сүннөттү таштаган болот, бирок анын курмандыгы жарай берет. Анткени курмандык чаларда Кыбылага каратуу сүннөт, бирок важип эмес. Курмандыгынан өзү жеп, белекке берип жана садага кылуусу мустахаб. Анткени Аллах Таала мындай деген:

﴿...فَكُلُوا مِنْهَا وَأَطْعِمُوا الْبَائِسَ الْفَقِيرَ﴾

"Андан (курмандыктын этинен) өзүңөр да жегиле, кедей-бечараларды да тамактандыргыла". (Хаж, 28-аят). Аалымдардын туура сөзү боюнча, курбандык чалуу убактысы ташрик күндөрүнүн үчүнчү күнү күн батканга чейин созулат. Демек, курбандык чалуу мөөнөтү: Курбандык чалуу күнү жана андан кийинки үч күн.

Андан кийин курбандыгын сойгондон же чалгандан кийин чачын алдырат же кыскартат. Алдырганы абзел. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чачын алдыргандарга ырайым жана кечирим тилеп (үч жолу), ал эми кыскарткандарга бир жолу дуба кылган. Чачты кыскартканда баштын бир бөлүгүнөн эле алуу жетишсиз, чач алдыргандай эле баштын бардык жеринен алынышы керек. Ал эми аял киши ар бир өрүмүнүн учунан бир муундай же андан азыраак кыскартат.

Акабада шайтанга таш атып, чачын алдыргандан же кыскарткандан кийин,

мухрим адамга аялы менен кошулуудан башка, ихрамда тыюу салынган бардык нерселерге уруксат берилет. Бул ихрамдан чыгуу «биринчи тахаллул» деп аталат. Бул тахаллулдан кийин ага атыр себинип, ифаада тавафын аткаруу үчүн Меккеге баруусу сүннөт. Айша, (ага Аллах ыраазы болсун) мындай деген:

«كُنْتُ أُطَيِّبُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ لِإِحْرَامِهِ قَبْلَ أَنْ يُحْرِمَ، وَلِحِلِّهِ قَبْلَ أَنْ يَطُوفَ بِالْبَيْتِ» [80]

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ихрамга кирерден мурда жана биринчи ихрамдан чыгып, Каабаны таваф кылардан мурда ага (денесине) жыттууларды сүртүп берчү элем" (80).[1] Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Бул таваф: Ифада тавафы жана Зыярат тавафы деп аталат. Ал ажылыктын түркүгү, ансыз ажылык толук болбойт. Бул Аллах Тааланын төмөнкү сөзүндө айтылган таваф:

[1] Имам Бухари, 1539; Имам Муслим, 1189.

﴿ثُمَّ لْيَقْضُوا تَفَثَهُمْ وَلْيُوفُوا نُذُورَهُمْ وَلْيَطَّوَّفُوا بِالْبَيْتِ الْعَتِيقِ ﴿29﴾

"Андан кийин алар (ажылар) кирлерин кетиришсин. Жана (ажы, умра, курмандыктан турган) назирлерин (өздөрүнө милдет кылып алган ажы ибадаттарын) толук аткарып, Эски Үйдү (Каабаны) таваф кылышсын". (Хаж, 29-аят).

Анан таваф кылып, Ибрахимдин ордунда эки ирекет намаз окугандан кийин, эгер таматтуну ниет кылган болсо, Сафа менен Марванын ортосунда сайъ кылат. Бул сайъ анын ажылыгы үчүн, ал эми биринчи сайъ умрасы үчүн болот.

Аалымдардын туура сөзү боюнча, Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда бир эле жолу чуркоо жетишсиз; Айша энебиз (ага Аллах ыраазы болсун) «Биз Аллахтын элчиси менен бирге чыктык» деп хадис айтып, анда (Пайгамбарыбыздын) мындай дегенин айткан:

«وَمَنْ كَانَ مَعَهُ هَدْيٌ فَلْيُهِلَّ بِالحَجِّ مَعَ العُمْرَةِ ثُمَّ لَا يَحِلُّ حَتَّى يَحِلَّ مِنْهُمَا جَمِيعًا»...

«Ким өзү менен кошо курмандык алып келген болсо, ажылык менен умраны кошуп ниет кылсын, андан кийин экөөнү тең бүтүрмөйүнчө ихрамдан чыкпасын...». Акырында минтип айтат:

«فَطَافَ الَّذِينَ أَهَلُّوا بِالعُمْرَةِ بِالبَيْتِ وَبِالصَّفَا وَالمَرْوَةِ ثُمَّ حَلُّوا ثُمَّ طَافُوا طَوَافًا آخَرَ بَعْدَ أَنْ رَجَعُوا مِنْ مِنًى لِحَجِّهِمْ»

«Умрага ниет кылгандар Каабаны, Сафа жана Марваны тооп кылышып, андан соң ихрамдан чыгышты. Анан Минадан кайтып келгенден кийин ажылыгы үчүн дагы бир жолу тооп кылышты»[1] Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Айша энебиздин (ага Аллах ыраазы болсун) умрага ихрам байлагандар тууралуу: «Андан кийин алар Минадан кайтып келип, ажылыгы үчүн дагы бир таваф кылышты», – деп айткан сөзүнө келсек, бул хадисти чечмелөөдөгү туура сөздөр боюнча, ал бул сөзү менен Сафа менен Марванын ортосундагы тавафты (саъийди) айткан. Ал эми кимде-ким: “Бул жерде таваф ифаданы айткан” десе, анда

[1] Имам Бухари, 1556; Имам Муслим, 1211.

анын сөзү туура эмес. Анткени таваф ифада баарына тиешелүү түркүк жана алар аны аткарып коюшкан. Тескерисинче, бул жерде таматту ажылыгын аткаруучуга тиешелүү болгон амал, тактап айтканда, ажылыгын толук кылуу үчүн Минадан кайтып келгенден кийин Сафа менен Марванын ортосунда экинчи жолу саъий кылуусу айтылган. Бул, Аллахка шүгүр, ачык-айкын жана көпчүлүк илим ээлеринин сөзү.

Мунун тууралыгына Бухарийдин өзүнүн "Сахих" китебинде ишенимдүү түрдө келтирген риваяты дагы далил болот. Анда Ибн Аббастан (ал экөөнө Аллах ыраазы болсун) таматтуъ ажылыгы тууралуу суралганда, ал мындай деп айткан: «Коштошуу ажылыгында мухажирлер, ансарлар жана пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдары ажылыкка ниет кылышты, биз да ниет кылдык. Меккеге келгенибизде Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди: "Курмандыкка мал алып келгендерден

башкаңар ажылыкка кылган ниетиңерди умрага өзгөрткүлө". Ошентип, биз Каабаны жана Сафа менен Марванын ортосунда таваф (сайъ) кылдык, аялдарыбызга жакындык кылып, (жөнөкөй) кийимдерибизди кийдик. (Пайгамбарыбыз) дагы айтты: "Ким курмандыкка мал алып келген болсо, ал курмандыгы союлчу жерине жетмейинче ихрамдан чыкпайт". Андан кийин Тарвия күнүнүн кечинде бизге ажылыкка (кайрадан) ниет кылууну буйруду. Ажылык жөрөлгөлөрүн бүтүргөн соң, келип Каабаны жана Сафа менен Марваны таваф (ортосунда сайъ) кылдык»[1]. Ушуну менен айтылган максат аягына жетти, бул таматтуъ ажылыгын аткаруучунун эки жолу сайъ кылаарына ачык-айкын далил. Туурасын Аллах билет.

Ал эми Имам Муслим Жабирден (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте минтип айтылат: «Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабалары Сафа менен

[1] Имам Бухари, 1572.

Марванын ортосунда бир гана таваф кылышкан»[1]، Алардын биринчи тавафы сахабалардын ичинен курмандыкка мал айдап келгендер деп түшүнүлөт. Анткени алар пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге ажылык менен умрадан чогуу чыкмайынча ихрамдан чыгышкан эмес. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажылык менен умрага ниет кылып, курмандыкка мал айдап келгендерге да умра менен кошо ажылыкка ниет кылууну жана экөөнөн тең чогуу чыкмайынча ихрамдан чыкпоону буйруган. Ажылык менен умраны кошуп аткаруучуга бир эле сайъ кылуу жетиштүү болот, буга жогоруда айтылган Жабирдин хадиси жана башка ишенимдүү хадистер далил болот.

Ошол сыяктуу эле, ифрад ажылыгын аткарып, курман айт күнүнө чейин ихрамда калган адамга бир гана сайъ кылуу жетиштүү. Эгер кыран жана муфрад

[1] Имам Муслим, 1215.

ажылыгын аткарган адам учурашуу тавафынан кийин сайъ кылса, бул ага ифада тавафынан кийинки сайъдын ордуна жетиштүү болот. Бул Айша, Ибн Аббас жана жогоруда айтылган Жабирдин хадистеринин ортосун бириктирүү болуп саналат. Ушуну менен карама-каршылык жоюлуп, бардык хадистерге амал кылынат.

Бул бириктирүүнү бекемдеген нерсе - Айша менен Ибн Аббастын (Аллах алардан ыраазы болсун) эки хадисинин ишенимдүү экендиги. Ал эки хадисте таматту ажылыгын аткарган адам үчүн экинчи сайъ кылуу бекемделген, ал эми Жабирдин хадисинин сырткы мааниси муну жокко чыгарат. Усул жана хадис терминологиясы илимдеринде бекитилгендей, бекемдөөчү далил жокко чыгаруучу далилден мурун алынат. Туура жолго багыттоочу – Аллах Таала. Күч-кубат бир гана Аллахтан.

## Бөлүм:

## Курмандык чалуу күнү ажынын кылган

## амалдарынын артыкчылыгынын баяндоо.

Ажынын Курман айт күнү бул төрт ишти ирети менен аткарганы жакшыраак: алгач Жамарат ал-Акабага таш ыргытат, андан соң курмандык чалат, анан чачын толук алдырат же кыскартат, андан кийин тавaф кылат. Тавафтан кийин таматту ажылыгын аткарган адам сайъ кылат. Ошондой эле ифрад жана кыран ажылыгын аткаргандар таваф кудум менен кошо сайъ кылбаган болсо, алар да сайъ кылышат. Эгер бул иштердин бирин экинчисинен мурун аткарып койсо, анда ал жарай берет. Анткени бул тууралуу пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уруксат берилгени анык. Буга сайъды тавафтан мурда аткаруу да кирет, анткени ал Курман айт күнү аткарылуучу амалдардан. Ошондуктан бул сахабанын айткан сөзүнө кирет: «Ал күнү бир нерсени ордунан алмаштырып (мурда же кийин) аткаруу тууралуу суралганда, ал мындай деп гана айткан:

«افْعَلْ وَلَا حَرَجَ»،

«Жасай бер, күнөө жок»[1], Ошондой эле, мында унутуп калуу жана билбестик кездешкендиктен, анда жеңилдетүү жана жеңилдик болгону үчүн, анын ушул жалпы өкүмгө кирүүсү важип болду.

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тавафтан мурун саъй кылган адам тууралуу суралганда, ал мындай деген:

«لَا حَرَجَ» [85]

"Күнөө жок"" (85-аят)[2] Абу Дауд Усама бин Шариктен ишеничтүү чынжыр-тизмек менен риваят кылгандыктан, анын жалпы өкүмгө шек-күмөнсүз кирери айкын болду. Ал эми ийгилик берүүчү – Аллах.

Ажынын толук ихрамдан чыгуусуна себеп болгон үч нерсе бар, алар: Жамрат ал-Акабага таш ыргытуу, чачты кыруу же кыскартуу жана андан кийин сайъ менен кошо ифаада тавафын аткаруу. Ким ушул

---

[1] Имам Бухари, 83; Имам Муслим, 1306.
[2] Абу Дауд, 2015.

үчөөнү тең аткарса, ага ихрамда тыюу салынган бардык нерселер – аялы, атыр жана башкалар – адал болот. Ал эми ким булардын экөөсүн аткарса, ага аялынан башка ихрамда тыюу салынган нерселердин баары адал болот. Бул «биринчи тахаллүл» деп аталат.

Ажыга Замзам суусунан ичүү, андан каныып ичүү жана каалаган пайдалуу дубаларды кылуу мустахаб.

«مَاءُ زَمْزَمَ لِمَا شُرِبَ لَهُ».

"Замзам суусун эмнеге ичсең ошого жарайт"[1]. Сахих Муслимде Абу Зардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Замзам суусу тууралуу мындай деген:

«إِنَّهُ طَعَامُ طُعْمٍ» [87].

"Ал тойгузуучу касиетке ээ" (87).[2] Абу Дауд буга кошумча кылып мындай деген:

---

[1] Ибн Мажа, 3062, Жабир ибн Абдулладан риваят кылган.

[2] Имам Муслим, 2473.

«وَشِفَاءُ سُقْمٍ».

«Ооруга шыпаа».[1]

Таваф ифада жана саъй кылгандан кийин ажылар Минага кайтып келип, ал жерде үч күн, түнү менен болушат. Ушул үч күндүн ар биринде күн оогондон кийин үч жамаратка таш атышат. Таш атууда тартипти сактоо важиб.

Биринчи жамрадан баштайт, ал Хийф мечитинен кийин жайгашкан. Ага биринин артынан бири жети таш атат да, ар бир ташты атканда колун көтөрөт. Андан кийин бир аз артка жылып, аны сол тарабына кылып, кыбылага кароо сүннөт. Анан колдорун бийик көтөрүп, көп дуба кылып, жалбарат.

Анан экинчи жамрага да биринчиси сыяктуу таш атат. Андан кийин бир аз алдыга жылып, аны оң тарабында

---

[1] Б.а.: Абу Дауд ат-Таялиси. Ал аны Абу Заррдын Исламды кабыл алуу окуясы баяндалган хадисте келтирген. Караңыз: Муснад Абу Дауд ат-Таялиси, 459.

калтырып, кыбылага карап, колдорун көтөрүп көп дуба кылат.

Анан үчүнчү жамаратка таш атат да, ал жерде токтобойт.

Кийин Ташрик күндөрүнүн экинчи күнү, биринчи күнкүдөй эле, күн оогондон кийин жамараттарга таш атат. Биринчи жана экинчи жамараттарда да биринчи күнкүдөй эле кылат; Пайгамбарыбыздын жолуна (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип.

Ташриктин биринчи эки күнүндө таш атуу ажылыктын ваажыбдарынан. Ошондой эле Минада биринчи жана экинчи түнү түнөө да ваажыб, бирок суучуларга, койчуларга жана ошолор сыяктууларга ваажыб эмес.

Айтылган эки күндө таш аткандан кийин, ким Минадан шашылыш кетүүнү кааласа, күн батканга чейин чыгып кетсе болот. Ал эми ким калып, үчүнчү түнү түнөп, үчүнчү күнү таш атса, бул абзел жана сообу көбүрөөк болот. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَاذْكُرُوا اللَّهَ فِي أَيَّامٍ مَعْدُودَاتٍ فَمَنْ تَعَجَّلَ فِي يَوْمَيْنِ فَلَا إِثْمَ عَلَيْهِ وَمَنْ تَأَخَّرَ فَلَا إِثْمَ عَلَيْهِ لِمَنِ اتَّقَى...﴾

"Аллахты саналуу күндөрдө да эстегиле. Ким эки күндө шашылса – ага күнөө жок. Жана ким кечиктирсе – ага да күнөө жок. (Бул өкүмдөр) такыба кишилер үчүн". (Бакара, 203-аят). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга шашып кетүүгө уруксат берген, бирок өзү шашылган эмес. Тескерисинче, он үчүнчү күнү күн оогондон кийин таш атканга чейин Минада калып, андан кийин бешим намазын окуганга чейин жолго чыккан.

Таш атууга алы жетпеген баланын камкорчусу, өзү үчүн таш аткандан кийин, анын ордуна таш атса болот. Ошол сыяктуу эле, таш ата албаган кичинекей кыздын ордуна да анын камкорчусу таш атат. Жабир (ага Аллах ыраазы болсун) мындай деген:

«حَجَجْنَا مَعَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ، وَمَعَنَا النِّسَاءُ وَالصِّبْيَانُ، فَلَبَّيْنَا عَنِ الصِّبْيَانِ وَرَمَيْنَا عَنْهُمْ»

«Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен ажылык кылдык. Биз менен бирге аялдар жана жаш балдар да бар эле, (ошондуктан) биз жаш балдардын атынан талбия айтып, алардын атынан таш аттык»[1] Ибн Маажа риваят кылган.

Оорудан, жашы улуулуктан же кош бойлуулуктан улам таш атууга чамасыз болгон адам башка бирөөнү анын атынан таш атуу үчүн өкүл дайындаса болот. Анткени Аллах Таала мындай деген:

﴿فَاتَّقُوا اللَّهَ مَا اسْتَطَعْتُمْ...﴾

"Аллахтан алыңар жеткенче такыба кылгыла..." (Тагабун, 16-аят). Бул адамдар шайтанга таш ыргытуучу жайларда эл менен кысылыша алышпайт, таш ыргытуунун убактысы өтүп кетет да, анын казасын өтөө шариятта каралган эмес. Ошондуктан, аларга башка бирөөнү өкүл кылууга уруксат берилген. Ал эми ажылыктын башка амалдарында,

---

[1] Имам Тирмизи, 927.

ихрамдагы адам, аткарып жаткан ажылыгы нафил болсо дагы, өзүнүн ордуна башка бирөөнү өкүл кылып, амалдарды аткартуусу туура эмес. Анткени, ажылык же умра үчүн ихрамга кирген адам, алар нафил болсо дагы, экөөнү тең аягына чыгарууга милдеттүү. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَأَتِمُّوا الْحَجَّ وَالْعُمْرَةَ لِلَّهِ...﴾

"Хаж (ажылык) жана Умраны, Аллах үчүн (ыклас менен) толук аткаргыла..." (Бакара, 196-аят). Таваф менен сайъдын убактысы таш атуунукундай өтүп кетпейт.

Ал эми Арафатта туруу, Муздалифа жана Минада түнөөгө келсек, алардын убактысы өтүп кетээри шексиз. Бирок, чамасыз адамдын бул жерлерде болуусу, өзү таш атканынан айырмаланып, кыйынчылык менен болсо да мүмкүн. Анткени, башка амалдардан айырмаланып, үзүрү бар адам үчүн таш атууда абалкылардан өкүл коюуга уруксат келген.

Ибадаттар шариятта белгиленгендей гана аткарылат, эч ким ага далилсиз бир

нерсе кошо албайт. Башка бирөөнүн атынан аткарган адамга үч жамранын ар биринде бир эле жерде туруп, адегенде өзү үчүн, анан башка адам үчүн таш атса болот. Аалымдардын эң туура сөзү боюнча, адегенде өзү үчүн үч жамраны толук атып бүтүрүп, анан кайра келип, башка адам үчүн таш атуусу шарт эмес. Анткени буга милдеттендирген далил жок жана мында кыйынчылык жана машакат бар. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَمَا جَعَلَ عَلَيْكُمْ فِي الدِّينِ مِنْ حَرَجٍ...﴾

"Ал силер үчүн диниңерди оор, кыйынчылыктуу кылган жок". (Хаж, 78-аят). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«يَسِّرُوا وَلَا تُعَسِّرُوا».

«Жеңил көрсөткүлө, оор кылбагыла».[1] Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары өздөрүнүн балдарынын жана

---

[1] Имам Бухари, 69.

алсыздарынын атынан таш ыргытканда, алардан мындай нерсе жеткирилген эмес. Эгер алар ушундай кылышса, ал сөзсүз жеткирилмек, анткени бул – адамдар жеткирүүгө абдан ашыга турган нерселерден. Туурасын Аллах билүүчү.

## Бөлүм:

## Таматту менен кыран кылуучуларга курмандыктын важыбдыгы:

Таматту же кыран ажылыгын аткарган ажыга – эгер ал Масжидул-Харамдын жашоочуларынан болбосо – кан чыгаруу важыб болот. Кан дегенибиз: бир кой, же төөнүн жетиден бири, же уйдун жетиден бири. Бул курмандык адал акчадан жана таза киреседен болушу керек, анткени Аллах Таала Таза, тазаларды гана кабыл кылат.

Мусулманга, эгер Аллах ага өзүн камсыз кылып, адамдардын колундагы нерселерден муктажсыз кыла турган мал-

мүлк берген болсо, анда ал падышаларданбы же башкаларданбы, белек (курмандыкка чалуу үчүн) же башка нерсе суроодон сактануусу керек. Себеби, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан көптөгөн хадистерде сурануу жамандалып, айыпталган жана аны таштаган адам макталган.

Эгер таматту жана кыран ажылыгын аткаруучу курмандык чалууга кудурети жетпесе, ага ажылык күндөрүндө үч күн жана үй-бүлөсүнө кайтканда жети күн орозо кармоо ваажыб болот. Ал ошол үч күндүк орозону кааласа, Курман айт күнүнө чейин, кааласа, ташриктин үч күнүндө тутат. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...فَمَنْ تَمَتَّعَ بِالْعُمْرَةِ إِلَى الْحَجِّ فَمَا اسْتَيْسَرَ مِنَ الْهَدْيِ فَمَنْ لَمْ يَجِدْ فَصِيَامُ ثَلَاثَةِ أَيَّامٍ فِي الْحَجِّ وَسَبْعَةٍ إِذَا رَجَعْتُمْ تِلْكَ عَشَرَةٌ كَامِلَةٌ ذَلِكَ لِمَنْ لَمْ يَكُنْ أَهْلُهُ حَاضِرِي الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ...﴾

"Ким ажы (ибадаты башталган)га чейин умрадан да пайдаланган болсо, кудурети жеткен бир курмандык (сойсун). Ал эми ким (курмандыкты же

анын баасын) таппай калса, хаж мезгилинде үч күн, үйүнө кайтып келгенде жети күн орозо тутсун! Бардыгы болуп он күн толук болот. Бул (өкүм) үй-бүлөсү Масжид ал-Харамда болбогон (алыстан келген) кишилер үчүн". (Бакара, 196-аят). аят.

Сахих Бухариде, Айша жана Ибн Умар, (аларга Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте минтип айтышкан:

«لَمْ يُرَخَّصْ فِي أَيَّامِ التَّشْرِيقِ أَنْ يُصَمْنَ إِلَّا لِمَنْ لَمْ يَجِدِ الهَدْيَ»،

«Ташрик күндөрүндө курмандык таба албаган адамга гана орозо тутууга уруксат берилет»[1], Бул пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келген өкүм сыяктуу эсептелет. Үч күндүк орозону Арафат күнүнөн мурун кармоо абзел, Арафат күнү оозу ачык болушу үчүн. Анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Арафат күнү оозу ачык болгон жана Арафатта туруп Арафат күнү орозо кармоодон тыйган. Ошондой эле бул күнү

[1] Имам Бухари, 1998.

ооздун ачык болушу адамга зикир жана дуба кылууга көбүрөөк күч-кубат берет. Жогоруда айтылган үч күндүк орозону удаа-удаа же бөлүп-бөлүп кармоого уруксат. Ошол сыяктуу эле жети күндүк орозону да удаа-удаа кармоо шарт эмес, аларды чогуу же бөлүп-бөлүп кармоого болот. Анткени Аллах Таала да, Анын элчиси да (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды удаа-удаа кармоону шарт кылган эмес. Жети күндүк орозону үй-бүлөсүнө кайтып баргандан кийин кармоо абзел, анткени Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَسَبْعَةٍ إِذَا رَجَعْتُمْ...﴾

"... кайтып келгениңерден кийин жети күн орозо тутсун..!" (Бакара, 196-аят).

Курмандык чалууга кудурети жетпеген адамдын орозо кармаганы, өзүнүн атынан курмандык чалуу үчүн падышалардан жана башкалардан сурагандан жакшыраак. Ал эми кимге сурабастан жана көз артпастан туруп курмандык же башка нерсе берилсе, аны алса болот, башка бирөөнүн атынан

ажылык кылып жатса дагы. Тактап айтканда, эгерде ажылыкка жөнөткөн адам ага берилген акчадан курмандык сатып алууну шарт кылбаган болсо. Ал эми кээ бир адамдардын өкмөттөн же башкалардан калп айтып, башка адамдардын атынан курмандык сураганына келсек, бул иштин арам экенинде эч кандай шек жок. Анткени бул жалган менен жан багуу болуп саналат. Аллах бизди жана мусулмандарды мындан сактасын.

## Бөлүм:

## Ажы кылуучуларга да, башкаларга да, адамдарды жакшылыкка чакыруу ваажыб.

Ажыларга жана башкаларга милдет болгон эң чоң иштердин бири – Аллах Өзүнүн Китебинде жана пайгамбарынын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили аркылуу буйругандай, жакшылыкка буйруп, жамандыктан

кайтаруу жана беш убак намазды жамаат менен калтырбай окуу.

Меккенин жана башка жерлердин тургундарынан болгон көптөгөн адамдардын үйлөрүндө намаз окуп, мечиттерди бош калтыруусу – шариятка каршы келген ката. Мындан тыйып, адамдарды намазды ар дайым мечиттерде окууга буйруу керек. Анткени көзү азиз, үйү мечиттен алыс Ибн Умму Мактум (ага Аллах ыраазы болсун) үйүндө намаз окууга уруксат сураганда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«هَلْ تَسْمَعُ النِّدَاءَ بِالصَّلَاةِ؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: فَأَجِبْ»،

«Сен азанды угасыңбы?». Ал: «Ооба», – деди. «Анда жооп бер», – деди»[1], Бир риваятта:

«لَا أَجِدُ لَكَ رُخْصَةً»،

«Сага жеңилдик таба алган жокмун»[2], Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы

[1] Имам Бухари, 2420; Имам Муслим, 651.
[2] Имам Муслим, 653.

жана мактоосу болсун) дагы минтип айткан:

«لَقَدْ هَمَمْتُ أَنْ آمُرَ بِالصَّلَاةِ فَتُقَامَ، ثُمَّ آمُرَ رَجُلًا فَيَؤُمَّ النَّاسَ، ثُمَّ أَنْطَلِقَ إِلَى رِجَالٍ لَا يَشْهَدُونَ الصَّلَاةَ فَأُحَرِّقَ عَلَيْهِمْ بُيُوتَهُمْ بِالنَّارِ»،

«Мен намаз окууга буйрук берип, намаз окулуп, бир кишини адамдарга имам болууга буюрсам, анан намазга келбеген эркектерге барып, алардын үйлөрүн өрттөөнү кааладым»[1]، Ибн Мажанын «Сунан» китебинде жана башкаларда жакшы чынжыр-тизмек менен Ибн Аббастан (аларга Аллах ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ سَمِعَ النِّدَاءَ فَلَمْ يَأْتِ فَلَا صَلَاةَ لَهُ إِلَّا مِنْ عُذْرٍ»،

«Кимде-ким азанды угуп, жүйөлүү себеби жок намазга келбесе, анын намазы кабыл болбойт»[2], Сахих Муслимде, Ибн Масуд (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: «Кимди эртең Аллахка мусулман абалында жолугуу кубантса, анда ал азан айтылган жерде

---

[1] Абу Дауд, 552.
[2] Имам Муслим, 654.

(мечитте) ушул намаздарды дайыма (жамаат менен) окусун. Анткени Аллах силердин пайгамбарыңарга туура жолдун сүннөттөрүн шарият кылган. Ал эми бул намаздар (жамаат менен окуу) туура жолдун сүннөттөрүнөн. Эгерде силер, тиги (жамааттан) калган адам үйүндө окугандай, намазыңарды үйлөрүңөрдө окусаңар, анда силер пайгамбарыңардын сүннөтүн таштаган болосуңар. Эгер пайгамбарыңардын сүннөтүн таштасаңар, анда адашасыңар. Кайсы бир киши жеткиликтүү даарат алып, андан кийин мечиттердин бирине барса, Аллах анын ар бир кадамына бир сооп жазып, бир даража көтөрүп, бир күнөөсүн өчүрөт. Биздин убакта андан (жамаат намазынан) эки жүздүүлүгү белгилүү болгон мунафыктан башка эч ким калчу эмес. Ал тургай, оорулуу адамды эки киши сүйөп, жөлөп-таяп алып келип, катарга тургузуп коюшчу»[1].

[1] Абу Дауд, 551.

Ажыларга да, башкаларга да Аллах Таала арам кылган нерселерден алыс болуу жана аларды кылуудан сактануу важыб; мисалы: зына кылуу, бачабаздык кылуу, уурулук кылуу, сүткорлук, жетимдин малын жеш, мамилелерде алдоо, аманатка кыянат кылуу, мас кылуучу ичимдиктерди ичүү, тамеки чегүү, кийимди сүйрөп кийүү, текебердик кылуу, көрө албастык кылуу, рия кылуу, кыйбат кылуу, ушак айтуу, мусулмандарды шылдыңдоо, ууд, рубаб, чоор сыяктуу оюн-зоок аспаптарын колдонуу, радио жана башка нерселерден ыр-күү угуу, нарда жана шахмат ойноо, кумар ойноо, адамдардын жана башка жандуу нерселердин сүрөтүн тартуу жана ага ыраазы болуу. Анткени, булардын баары – Аллах Таала Өз пенделерине ар бир убакта жана ар бир жерде арам кылган жек көрүндү иштерден. Ошондуктан, ажылар жана Харам мечитинин жашоочулары башкаларга караганда бул иштерден көбүрөөк сактануусу важыб; анткени, бул коопсуз шаарда кылынган күнөөнүн кесепети оор, жазасы да катуу болот.

Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَمَنْ يُرِدْ فِيهِ بِإِلْحَادٍ بِظُلْمٍ نُّذِقْهُ مِنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ 25﴾

"... ким анын ичинде акыйкаттан бурулуп, зулумдук (күнөө) кылууну кааласа, ага Биз жан ооруткан азапты таттырабыз". (Хаж, 25-аят). Эгер Аллах Харамда зулумдук кылууну каалаган адамга азапты убада кылган болсо, анда аны жасаган адамдын азабы кандай болот?! Шек-күмөнсүз, ал андан да чоң жана катуураак. Ошондуктан, андан жана башка бардык күнөөлөрдөн сактануу зарыл.

Ажылар ажылыгынын кабыл болушуна жана күнөөлөрүнүн кечирилишине, ушул жаман иштерден жана Аллах аларга арам кылган башка нерселерден сактануу менен гана жетишет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ حَجَّ فَلَمْ يَرْفُثْ وَلَمْ يَفْسُقْ رَجَعَ كَيَوْمِ وَلَدَتْهُ أُمُّهُ».

«Кимде-ким аялы менен жыныстык катнаш кылбай жана бузукулук иштерди кылбай ажылык өтөсө, ал күнөөлөрүнөн

энеден жаңы төрөлгөндөй таза болуп кайтат»[1].

Бул айыпталган иштерден да катуураагы жана чоңураагы: маркумдардын дуба кылуучуга Аллахтын алдында шапаат кылышын, оорулуусуна шыпаа беришин, же жоголгон жакынын кайтарып беришин жана ушул сыяктуу нерселерди үмүт кылып, аларга дуба кылуу, алардан жардам суроо, аларга назр кылуу жана аларга курмандык чалуу.

Бул – Аллах тыйган, жахилияттагы мушриктердин дини болгон жана аны жокко чыгарып, андан тыюу үчүн Аллах элчилерди жиберип, китептерди түшүргөн чоң ширк.

Ошондуктан, ажылар да, башкалар да, ар бир адам андан сактануусу керек. Эгер мурда андан бир нерсе өтүп кеткен болсо, анда Аллахка тообо кылып, ажылыгын жаңыдан аткаруусу зарыл. Анткени, чоң

[1] Имам Бухари, 1521; Имам Муслим, 1350.

ширк бардык амалдарды жараксыз кылат. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَلَوْ أَشْرَكُوا لَحَبِطَ عَنْهُمْ مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ 88﴾

"... эгер алар Аллахка шерик кошчу болсо, (ким болгонуна карабай) кылган (жакшы) иштеринин баары текке кетет". (Анаам, 88-аят].

Кичине ширктин түрлөрүнөн: Аллахтан башка нерселер менен ант ичүү. Мисалы, пайгамбардын аты менен, Кааба менен, аманат менен, ж.б.у.с.

Ошолордун катарында: рия жана сумъа (элге көрүнүү, угулуу) жана "Аллах каалады жана сен кааладың", "Аллах жана сен болбогондо", "Бул Аллахтан жана сенден" деп айтуу жана башка ушул сыяктуулар.

Ушундай ширк болгон жаман иштерден сактануу жана аларды таштоону бири-бирине эскертүү зарыл. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айткан:

«مَنْ حَلَفَ بِغَيْرِ اللهِ فَقَدْ كَفَرَ أَوْ أَشْرَكَ».

«Ким Аллахтан башка менен ант ичсе, анда ал каапырлык кылган болот же ширк кылган болот»[1]. Ахмад, Абу Дауд жана Тирмизи бул хадисти ишенимдүү чынжыр-тизмек менен риваят кылышкан.

«Сахихте» Умар (ага Аллах ыраазы болсун) риват кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтат:

«مَنْ كَانَ حَالِفًا فَلْيَحْلِفْ بِاللهِ أَوْ لِيَصْمُتْ».

«Ким ант бере турган болсо, Аллах менен ант бсин, же унчукпасын»[2]. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы минтип айткан:

«مَنْ حَلَفَ بِالأَمَانَةِ فَلَيْسَ مِنَّا».

«Ким аманат (парздар) менен ант берсе, ал бизден эмес»[3]. Абу Дауд риваят кылган.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы минтип айткан:

---

[1] Абу Дауд, 3251.
[2] Абу Дауд, 3253.
[3] Имам Бухари, 2679; Имам Муслим, 1646.

«أَخْوَفُ مَا أَخَافُ عَلَيْكُمُ الشِّرْكَ الأَصْغَرَ، فَسُئِلَ عَنْهُ فَقَالَ: الرِّيَاءُ».

Силер үчүн корккон нерсем — кичине ширк". Ал жөнүндө суралганда: "Рийа" - деди".[1] Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا تَقُولُوا: مَا شَاءَ اللهُ وَشَاءَ فُلَانٌ، وَلَكِنْ قُولُوا مَا شَاءَ اللهُ ثُمَّ شَاءَ فُلَانٌ».

"Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтпагыла. Анын ордуна: "Аллах каалады андан кийин баланча каалады" - дегиле.[2] Насаи Ибн Аббастан, (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылат: бир киши: "О Аллахтын элчиси, Аллах жана сен кааладың", - деди эле, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди:

«أَجَعَلْتَنِي لِلَّهِ نِدًّا، بَلْ مَا شَاءَ اللهُ وَحْدَهُ» [103].

«Сен мени Аллахка шерик кылдыңбы? Тескерисинче, жалгыз Аллах гана каалады» (103).[3]

---

[1] Ахмад (5/428).

[2] Абу Дауд, 4980.

[3] Ибн Маажа, 2117.

Бул хадистер пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таухидди коргоосун, өз үммөтүн чоң жана кичине ширктен эскертүүсүн, алардын ыйманынын саламаттыгы жана Аллахтын азабынан, Анын каарынын себептеринен кутулуусу үчүн кылган камкордугун көрсөтүп турат. Аллах аны бул эмгеги үчүн эң жакшы сыйлыктар менен сыйласын. Чындыгында, ал (динди) жеткирип, эскертти жана Аллах менен Анын пенделери үчүн насаат кылды. Кыямат күнүнө чейин ага Аллахтын тынымсыз салам-салаваттары болсун.

Илимдүү ажыларга жана Аллахтын коопсуз шаары менен Анын ардактуу элчисинин шаарында жашаган илим ээлерине, башка адамдарга Аллах шарият кылган нерселерди үйрөтүү, аларды Аллах арам кылган ширктин жана күнөөлөрдүн түрлөрүнөн эскертүү, ошондой эле муну далилдери менен кеңири жана толук түшүнүктүү кылып баяндоо важыб. Ушуну менен алар адамдарды караңгылыктардан нурга чыгарып, Аллах аларга жүктөгөн

жеткирүү жана түшүндүрүү милдетин аткарышат. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِذْ أَخَذَ اللَّهُ مِيثَاقَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ لَتُبَيِّنُنَّهُ لِلنَّاسِ وَلَا تَكْتُمُونَهُ...﴾

"Эстегин: Аллах (ыйык) китеп берилген коомдордон, ал китепти(н чындыктарын) элдерге сөзсүз баян кылып бересиңер жана аны(н чындыктарын) жашырбайсыңар деп катуу убада алган эле...". (Аалу Имран, 187-аят).

Мунун максаты: бул үммөттүн аалымдарын китеп ээлеринен болгон заалымдардын жолуна түшүүдөн эскертүү. Алар акыреттин ордуна бул дүйнөнү тандап, чындыкты жашырышкан. Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّ الَّذِينَ يَكْتُمُونَ مَا أَنْزَلْنَا مِنَ الْبَيِّنَاتِ وَالْهُدَى مِنْ بَعْدِ مَا بَيَّنَّاهُ لِلنَّاسِ فِي الْكِتَابِ أُولَئِكَ يَلْعَنُهُمُ اللَّهُ وَيَلْعَنُهُمُ اللَّاعِنُونَ 159 إِلَّا الَّذِينَ تَابُوا وَأَصْلَحُوا وَبَيَّنُوا فَأُولَئِكَ أَتُوبُ عَلَيْهِمْ وَأَنَا التَّوَّابُ الرَّحِيمُ 160﴾

"Биз түшүргөн (Мухаммад жөнүндөгү) далилдерди жана туура жолду китепте (Тооратта) адамдарга

баян кылып бергенден кийин деле жаап-жашырып жүргөндөргө Аллах наалат айтат жана бардык наалат айтуучулар наалат айтышат".

"Ал эми, (күнөөлөрүнө) тообо кылган, (акыйкатка кайтып, пейилин) түздөгөн жана (жаап-жашырган чындыктарды) ачык айткан адамдардын тооболорун кабыл аламын. Жана Мен тооболорду кабыл алуучу, Мээримдүүмүн". (Бакара, 159-160-аяттар). Куран аяттары жана пайгамбарыбыздын хадистери Аллах Таалага чакыруу жана пенделерди өздөрүнүн жаралуу максатына багыттоо эң сооптуу амалдардан жана эң маанилүү парздардан экенине, ошондой эле ал пайгамбарлардын жана Кыяматка чейин алардын жолун жолдоочулардын жолу экенине далил болот. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَنْ أَحْسَنُ قَوْلًا مِمَّنْ دَعَا إِلَى اللَّهِ وَعَمِلَ صَالِحًا وَقَالَ إِنَّنِي مِنَ الْمُسْلِمِينَ 33﴾

"Аллахка (динине) чакырган, салих (жакшы) иштерди жасаган жана: «Мен

(чыныгы) мусулмандардан боломун!» – деп айткан адамдан да жакшыраак сүйлөгөн ким бар?!" (Фуссилат, 33-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿قُلْ هَذِهِ سَبِيلِي أَدْعُو إِلَى اللَّهِ عَلَى بَصِيرَةٍ أَنَا وَمَنِ اتَّبَعَنِي وَسُبْحَانَ اللَّهِ وَمَا أَنَا مِنَ الْمُشْرِكِينَ 108﴾

"Айт: «Ушул менин жолум! Мен адамдарды Аллахка (эч нерсени шерик кылбай сыйынууга) чакырамын! Мен жана мага ээрчигендер анык далилдин үстүндөбүз. Аллах (мушриктер сыпаттаган кемчилдиктүү сыпаттардан) Аруу-Таза! Жана мен мушриктерден эмесмин!” (Юсуф, 108-аят).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ دَلَّ عَلَى خَيْرٍ فَلَهُ مِثْلُ أَجْرِ فَاعِلِهِ»

«Ким жакшылыкка жол көрсөтсө, ага аны аткаргандын сообундай сооп берилет».[1]

[105] «لَأَنْ يَهْدِيَ اللهُ بِكَ رَجُلًا وَاحِدًا خَيْرٌ لَكَ مِنْ حُمْرِ النَّعَمِ»

[1] Имам Муслим, 1893.

«Аллахтын сенин себебиңден бир адамды туура жолго салуусу, сен үчүн кызгылт төөлөрдөн да артык» (105).[1] Бул маанидеги аяттар жана хадистер өтө көп.

Илим жана ыйман ээлерине Аллах Тааланын динине чакырууда, пенделерди кутулуунун себептерине багыттоодо жана аларды кыйроонун себептеринен эскертүүдө аракеттерин күчөтүүлөрү зарыл. Айрыкча, напси каалоолору үстөмдүк кылган, бузуку принциптер жана адаштыруучу ураандар жайылган, туура жолго чакыруучулар азайып, динсиздикке жана адеп-ахлаксыздыкка чакыруучулар көбөйгөн азыркы заманда. Жардамды Аллахтан гана сурайбыз. Күч-кубат бир гана Улуу жана Бийик Аллахка таандык.

---

[1] Имам Бухари, 3009; Имам Муслим, 2406.

## Бөлүм:
## Ибадаттарды көп кылуу мустахаб.

Ажылардын Меккеде турган мезгилинде Аллахты зикир кылып, Ага баш ийип, жакшы амалдарды үзбөй аткаруусу, ошондой эле намазды жана Каабаны таваф кылууну көбөйтүүсү мустахаб. Анткени Харам аймагында жакшылыктардын сообу эселенет, ал эми күнөөлөр өтө оор жана чоң болот. Ошондой эле, аларга Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көп салават жана салам айтуулары да мустахаб.

Ажылар Меккеден чыгууну кааласа, алардын эң акыркы амалы Кааба болуусу үчүн коштошуу тавафын кылуу важыб болот. Бир гана этек кири жана нифас каны келген аялдарга коштошуу тавафы важыб эмес. Себеби, Ибн Аббас (аларга Аллах ыраазы болсун) мындай деген:

«أُمِرَ النَّاسُ أَنْ يَكُونَ آخِرُ عَهْدِهِمْ بِالبَيْتِ، إِلَّا أَنَّهُ خُفِّفَ عَنِ المَرْأَةِ الحَائِضِ»

«Адамдарга алардын эң акыркы иши Кааба менен коштошуу болуусуна буйрулган, бирок айызы келген аял үчүн жеңилдетилген».[1]

Кааба менен коштошуп бүткөндөн кийин, мечиттен чыкмакчы болсо, түз алдын карап чыгып кетет. Каабаны карап арты менен басуу туура эмес. Себеби бул нерсе Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабаларынан да кабарланган эмес. Тескерисинче, бул кийин чыгарылган бидааттардан. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин шариятыбызда жок амалды кылса, анда ал кайтарылат».[2] Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

إِيَّاكُمْ وَمُحْدَثَاتِ الأُمُورِ، فَإِنَّ كُلَّ مُحْدَثَةٍ بِدْعَةٌ، وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

---

[1] Имам Бухари, 1755; Имам Муслим, 1328.

[2] Булагы жогоруда айтылды.

«Жаңыдан пайда болгон иштерден сак болгула, анткени, ар бир жаңы иш – бидаат, жана ар бир бидаат – адашуу»[1].

Аллах бизге Анын growth динде бекем турууга жана ага каршы келген нерселерден сак болууга топук берсин. Ал - Берешен, Жоомарт.

## Бөлүм:

## Зыярат кылуунун өкүмдөрү жана адептери.

Ажылыктан мурун же андан кийин пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитин зыярат кылуу сүннөт. Анткени эки «Сахихте» Абу Хурайрадан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«صَلَاةٌ فِي مَسْجِدِي هَذَا خَيْرٌ مِنْ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ إِلَّا الْمَسْجِدَ الْحَرَامَ».

---

[1] Имам Муслим (867) Жабир бин Абдулладан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган.

"Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка бардык мечиттерде окулган миң намаздан жакшыраак"[1]. Ибн Умар (ал экөөнө Аллах ыраазы болсун), пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын кабарлайт:

«صَلَاةٌ فِي مَسْجِدِي هَذَا أَفْضَلُ مِنْ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ إِلَّا المَسْجِدَ الحَرَامَ»

"Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка мечиттердеги миң намаздан абзелирээк"[2] Муслим риваят кылган. Абдуллах бин Зубайр (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«صَلَاةٌ فِي مَسْجِدِي هَذَا أَفْضَلُ مِنْ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ إِلَّا المَسْجِدَ الحَرَامَ، وَصَلَاةٌ فِي المَسْجِدِ الحَرَامِ أَفْضَلُ مِنْ مِائَةِ صَلَاةٍ فِي مَسْجِدِي هَذَا»

Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка бардык мечиттерде окулган миң намаздан

---

[1] Имам Бухари, 1190; Имам Муслим, 1394.
[2] Имам Муслим, 1395.

жакшыраак, ал эми Харам мечитинде окулган намаз менин бул мечитимде окулган жүз намаздан жакшыраак".[1] Ахмад, Ибн Хузайма жана Ибн Хаббан риваят кылышкан.

Жабир (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«صَلَاةٌ فِي مَسْجِدِي هَذَا أَفْضَلُ مِنْ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ، إِلَّا المَسْجِدَ الحَرَامَ، وَصَلَاةٌ فِي المَسْجِدِ الحَرَامِ أَفْضَلُ مِنْ مِائَةِ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ»

"Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка мечиттердеги миң намаздан жакшыраак, ал эми Харам мечитинде окулган намаз башка мечиттердеги жүз миң намаздан жакшыраак".[2] Ахмад жана Ибн Мааҗа риваят кылышкан. Бул маанидеги хадистер көп.

Зыярат кылуучу адам мечитке келгенде, ага оң буту менен кирип, мындай деп айтуусу мустахаб: "Бисмиллахи, вас-

---

[1] Ахмад, Муснад, 4/5.
[2] Ибн Мааҗа, 1406.

солаату вас-салааму 'алаа расуулиллахи, а'уузу биллахил 'азыыми ва биважхихил кариими ва султонихил кодиими минаш-шайтоонир-рожиим, Аллахум-мафтах ли абывааба рахматик", (Аллахтын аты менен. Аллахтын Элчисине салават жана салам болсун. Каргышка калган шайтандан Улуу Аллахка, Анын март жүзүнө жана эзелтен берки бийлигине сыйынып, коргоо тилейм. Оо, Аллах! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач),

Башка мечиттерге киргенде айтылуучу дубаны айтат. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитине кирүү үчүн атайын бир зикир жок.

Андан кийин эки ирекет намаз окуп, ал эки ирекетте Аллахтан каалаган дүйнө жана акыреттин жакшылыктарын сурап дуба кылат. Эгер ал эки ирекетти Равзаи Шарифте окуса, анда бул жакшыраак болот. Себеби Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«مَا بَيْنَ بَيْتِي وَمِنْبَرِي رَوْضَةٌ مِنْ رِيَاضِ الجَنَّةِ».

«Менин үйүм менен минбарымдын ортосу – Бейиш бакчаларынан бир бакча».[1] Намаз окугандан кийин пайгамбарыбыздын, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын жана анын эки жолдошу: Абу Бакр менен Умардын, (аларга Аллах ыраазы болсун) кабырларын зыярат кылат. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырынын маңдайына адеп менен, үнүн басаңдатып: "Ассаламу алейка, оо, Аллахтын элчиси, ва рахматуллахи ва баракатух" деп салам айтат. Анткени Абу Дауддун "Сунанында" Абу Хурайрадан риваят кылынган хасан хадисте, ал мындай деген: «Аллахтын элчиси, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا مِنْ أَحَدٍ يُسَلِّمُ عَلَيَّ إِلَّا رَدَّ اللهُ عَلَيَّ رُوحِي حَتَّى أَرُدَّ عَلَيْهِ السَّلَامَ» .[114]

"Мага кимдир бирөө салам айтса, анын саламына жооп кайтаруу үчүн Аллах менин

[1] Имам Бухари, 1195; Имам Муслим, 1390.

жанымды кайра киргизет" (114).[1] Эгер зыяратчы салам бергенде: «Сага салам болсун, оо, Аллахтын Пайгамбары! Сага салам болсун, оо, Аллахтын жараткандарынын эң мыктысы! Сага салам болсун, оо, пайгамбарлардын мырзасы жана такыбалардын имамы! Мен күбөлүк берем, сен пайгамбарлыкты жеткирдиң, аманатты аткардың, үммөткө насаат кылдың жана Аллах жолунда чыныгы жихад кылдың» деп айтса, анда анын эч зыяны жок. Анткени булардын баары анын сыпаттарынан. Ага салават айтып, дуба кылат. Анткени шариятта ага салават менен саламды бирге айтуу бар. Мындай кылган адам Аллах Тааланын төмөнкү сөзүнө амал кылган болот:

﴿إِنَّ اللَّهَ وَمَلَائِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيمًا 56﴾

"Албетте Аллах жана Анын периштелери пайгамбарга салават айтышат. Оо, ыйман келтиргендер силер да ага көптөн-көп салават-

---

[1] Абу Дауд, 2041.

салaмдарды айткыла!" (Ахзаб, 56-аят). Андан соң Абу Бакр жана Умарга (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) салам берет, алар үчүн дуба кылат жана аларга Аллахтын ыраазычылыгын тилейт.

Ибн Умар (атасы экөөнөн Аллах ыраазы болсун) Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын эки сахабасына салам бергенде, көбүнчө мындай деп айтуудан ашырчу эмес: "Сага салам болсун, эй, Аллахтын Элчиси! Сага салам болсун, эй, Абу Бакр! Сага салам болсун, эй, атакем!" Анан (мечиттен чыгып) кетет.

Бул зыярат эркектерге гана тиешелүү. Ал эми аялдарга эч бир кабырды зыярат кылууга болбойт, анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

«لَعَنَ زُوَّارَاتِ الْقُبُورِ مِنَ النِّسَاءِ وَالمُتَّخِذِينَ عَلَيْهَا المَسَاجِدَ وَالسُّرُجَ».

«Кабырларды зыярат кылуучу аялдарды, алардын үстүнө мечиттерди жана шам чырактарды орноткондорду наалаттаган»[1].

Ал эми пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитинде намаз окуу, дуба кылуу жана башка мечиттерде кылууга уруксат берилген ушул сыяктуу амалдар үчүн Мединага баруу – баарына шариятта уруксат кылынган. Анткени бул тууралуу хадистерде айтылган.

Зыярат кылган адамга беш убакыт намазды Аллахтын элчисинин мечитинде (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) окуу жана ал жердеги улуу сооптон пайдалануу үчүн көп-көп зикир айтып, дуба кылуусу жана нафил намаздарды көбүрөөк окуусу сүннөт болот.

Равзаи Шарифте нафил намаздарды көп окуу мустахаб. Анткени, анын артыкчылыгы тууралуу жогорудагы ишенимдүү хадисте айтылды. Ал

[1] Абу Дауд, 3236.

пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү сөзү:

«مَا بَيْنَ بَيْتِي وَمِنْبَرِي رَوْضَةٌ مِنْ رِيَاضِ الجَنَّةِ».

«Менин үйүм менен минбарымдын ортосу – Бейиш бакчаларынан бир бакча»[1].

Ал эми парз намазга келсек, зыяратчыга жана башкаларга ага шашып, колунан келишинче биринчи сапка турууга умтулуусу зарыл, ал мечиттин кеңейтилген алдыңкы бөлүгүндө болсо дагы. Анткени пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадистеринде биринчи сапка турууга үндөө жана кызыктыруу айтылган. Мисалы бир хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَوْ يَعْلَمُ النَّاسُ مَا فِي النِّدَاءِ وَالصَّفِّ الأَوَّلِ ثُمَّ لَمْ يَجِدُوا إِلَّا أَنْ يَسْتَهِمُوا عَلَيْهِ لَاسْتَهَمُوا» [117]

«Эгер адамдар азандын жана биринчи саптын артыкчылыгын билгенде, анда ага жетүү үчүн чүчүкулак кармоодон башка

[1] Булагы жогоруда айтылды.

жол таба албай, сөзсүз чүчүкулак кармашмак». (117)[1] Ишенимдүүлүгү бир оздон тастыкталган хадис. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына минтип айткан:

«تَقَدَّمُوا فَأْتَمُّوا بِي وَلْيَأْتَمَّ بِكُمْ مَنْ بَعْدَكُمْ، وَلَا يَزَالُ الرَّجُلُ يَتَأَخَّرُ عَنِ الصَّلَاةِ حَتَّى يُؤَخِّرَهُ اللهُ»

«Алдыга чыккыла да, мага уйугула, ал эми артыңардагылар силерге уйушсун. Бир киши артка кетенчиктей берсе, акыры Аллах аны артка калтырат».[2] Муслим риваят кылган.

Абу Дауд Айша энебизден (ага Аллах ыраазы болсун) хасан чынжыр менен риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا يَزَالُ الرَّجُلُ يَتَأَخَّرُ عَنِ الصَّفِّ الْمُقَدَّمِ حَتَّى يُؤَخِّرَهُ اللهُ فِي النَّارِ» [119].

«Бир киши алдыңкы саптан артка кетенчиктей берсе, акыры Аллах аны

---

[1] Имам Муслим, 438.
[2] Имам Бухари, 615; Имам Муслим, 437.

тозокто артка калтырат». (119)[1] Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына мындай деген:

«أَلَا تَصُفُّونَ كَمَا تَصُفُّ المَلَائِكَةُ عِنْدَ رَبِّهَا؟ قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، وَكَيْفَ تَصُفُّ المَلَائِكَةُ عِنْدَ رَبِّهَا؟ قَالَ: يُتِمُّونَ الصُّفُوفَ الأُوَلَ، وَيَتَرَاصُّونَ فِي الصَّفِّ»

«Периштелер Раббисинин алдында сапка тизилгендей, сапка тизилбейсиңерби?». Биз айттык: «О Аллахтын элчиси, периштелер Раббисинин алдында кантип сапка тизилишет?». Ал айтты: «Алар алдыңкы саптарды толукташып, сапта жыш турушат»[2] Муслим риваят кылган.

Бул маанидеги хадистер абдан көп. Алар Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитине – ал кеңейтилгенге чейин да, андан кийин да – жана башка бардык мечиттерге тиешелүү. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын

---

[1] Имам Муслим, 430.

[2] Абу Дауд, 679. "Адамдар биринчи саптан артта кала беришсе, акыры Аллах аларды Тозокто артта калтырат".

тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларын саптардын оң тарабына туруууга үндөгөнү тууралуу ишенимдүү кабарлар келген. Белгилүү болгондой, анын алгачкы мечитинде саптын оң тарабы Равзадан тышкары жайгашкан. Мындан улам, алдыңкы саптарга жана саптардын оң тарабына көңүл буруу Ардактуу Равзага көңүл буруудан жогору турары белгилүү болот. Ошондой эле, алдыңкы сапта жана саптын оң жагында намаз окуу Равзада намаз окуудан артыгыраак. Бул нерсе ушул темада келген хадистерге ой жүгүрткөн адам үчүн айдан ачык. Ийгилик бир гана Аллахтан.

Эч кимге Хужраны сылап-сыйпоого, аны өбүүгө же анын айланасында таваф кылууга болбойт, анткени абалкылардан мындай кылганы тууралуу кабар келген эмес, бул жек көрүлгөн бидат.

Эч кимге пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) муктаждыкты орундатууну, кыйынчылыктан арылтууну, оорулууга

шыпаа берүүнү жана ушул сыяктуу нерселерди суроого болбойт. Анткени булардын баарын жалгыз Аллахтан гана суроо керек. Муну өлгөндөрдөн суроо – Аллахка шерик кошуу жана Андан башкага ибадат кылуу болуп саналат. Ислам дини эки негизге курулган:

Биринчиси: Жалгыз Аллахка гана ибадат кылуу.

Экинчиси: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шарият кылган нерсе менен гана ибадат кылуу.

"Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси" деген күбөлүктүн мааниси ушул.

Ошондой эле эч кимге пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шапаат суроого болбойт. Анткени, ал Аллах Таалага гана таандык, ошондуктан Андан гана суралат. Аллах Таала айткан:

﴿قُلْ لِلَّهِ الشَّفَاعَةُ جَمِيعًا...﴾

"Айткын: «Бардык шапаат Аллахка таандык..." (Зумар, 44-аят). Демек, сен: "О Аллах! Мага пайгамбарыңдын шапаатын насип кыл! О Аллах! Мага периштелериңдин жана момун пенделериңдин шапаатын насип кыл! О Аллах! Мага жаш каза болгон балдарымдын шапаатын насип кыл!" - деп жана ушул сыяктуу дубаларды айтсаң болот. Ал эми өлгөндөрдөн – алар пайгамбарларбы же башкаларбы, айырмасы жок – шапаат да, андан башка нерсе да суралбайт. Анткени бул шариятта буйрулбаган жана өлгөн адамдын амалы шариятта айтылган өзгөчө учурлардан тышкары токтоп калган.

Имам Муслим «Сахих» китебинде Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِذَا مَاتَ ابْنُ آدَمَ انْقَطَعَ عَمَلُهُ إِلَّا مِنْ ثَلَاثٍ: صَدَقَةٍ جَارِيَةٍ، أَوْ عِلْمٍ يُنْتَفَعُ بِهِ، أَوْ وَلَدٍ صَالِحٍ يَدْعُو لَهُ».

“Адам баласы өлгөндө, анын амалы токтойт, бирок үч нерседен башкасы: сообу үзүлбөгөн садага, пайдасы тийген илим, жана артынан дуба кылган ыймандуу бала”[1].

Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тирүү кезинде жана Кыямат күнү шапаат суроого уруксат берилген, анткени ал буга кудуреттүү. Себеби ал суроочу үчүн Раббисинен сурап бере алат. Ал эми бул дүйнөдөгүсү белгилүү. Бул нерсе ага гана таандык эмес, тескерисинче, ага да, башкаларга да тиешелүү. Ошондуктан мусулман адам өз бир тууганына: "Мага Раббимден баланча-түкүнчө нерсени сурап, шапаат кылчы", башкача айтканда: "Мен үчүн Аллахка дуба кылчы" - деп айтуусуна уруксат. Ошондой эле, кимден ушундай өтүнүч кылынса, эгерде суралып жаткан нерсе Аллах уруксат берген нерселерден болсо, ага Аллахтан сурап, бир тууганына шапаат кылуусуна уруксат берилет.

---

[1] Имам Муслим, 1631.

Ал эми Кыямат күнү, эч ким Аллах Таала уруксат бермейинче шапаат кыла албайт, бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿...مَنْ ذَا الَّذِي يَشْفَعُ عِنْدَهُ إِلَّا بِإِذْنِهِ...﴾

"Эч ким Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча шапаат-колдоо көрсөтө албайт". (Бакара, 255-аят).

Ал эми өлүм абалы – бул өзгөчө абал. Аны адамдын өлүмгө чейинки абалына да, кайра тирилгенден кийинки абалына да салыштырууга болбойт. Анткени өлгөн адамдын амалы токтойт жана ал Шариат ээси белгилеген нерселерден башкасында өзүнүн кылган ишине байланып калат. Ал эми өлгөндөрдөн шапаат суроо Шариат ээси белгилеген нерселерден эмес. Ошондуктан аны ага кошууга болбойт. Шек жок, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнөдөн өткөндөн кийин шейиттердин жашоосунан да толугураак болгон кабыр жашоосунда тирүү. Бирок ал жашоо анын өлүмгө чейинки жашоосу сыяктуу да, Кыямат күнүндөгү жашоосу сыяктуу да

эмес. Тескерисинче, ал жашоонун чыныгы маңызын жана кандай экенин Аллахтан башка эч ким билбейт. Ошондуктан хадисте анын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген сөзү айтылган:

«مَا مِنْ أَحَدٍ يُسَلِّمُ عَلَيَّ إِلَّا رَدَّ اللهُ عَلَيَّ رُوحِي حَتَّى أَرُدَّ عَلَيْهِ السَّلَامَ» [122]

"Мага кимдир бирөө салам айтса, анын саламына жооп кайтаруу үчүн Аллах менин жанымды кайра киргизет" (122).[1]

Бул анын өлгөнүнө жана руху денесинен ажыраганына далил болот. Бирок ага салам айтылганда руху кайра кайтарылат. Анын өлүмүнө Куран жана Сүннөттөгү далилдер белгилүү. Бул аалымдар арасында бир ооздон кабыл алынган маселе. Бирок бул анын кабырдагы тирүүлүгүнө тоскоол болбойт. Анткени шейиттердин өлүмү да, Аллах Тааланын төмөнкү сөзүндө айтылган алардын кабырдагы тирүүлүгүнө тоскоол болгон эмес:

---

[1] Абу Дауд, 2041.

﴿وَلَا تَحْسَبَنَّ الَّذِينَ قُتِلُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَمْوَاتًا بَلْ أَحْيَاءٌ عِنْدَ رَبِّهِمْ يُرْزَقُونَ 169﴾

"Аллахтын жолунда (динди өркүндөтөм деп жүрүп) өлтүрүлгөн адамдарды өлүктөр деп ойлобогула! Алар Раббисинин алдында (ар кандай нээматтар менен сыйланып) ырыскы тартууланган абалда тирүү". (Аалу Имран, 169-аят).

Биз бул маселени кенен-кесири баяндадык, анткени бул жаатта адаштырып, ширкке жана Аллахтан башка маркумдарга ибадат кылууга чакыргандар көбөйүп, андан кайтарууга муктаждык жаралды. Аллахтан өзүбүзгө жана бардык мусулмандарга Анын шариятына каршы келген бардык нерседен сактоосун сурайбыз. Аллах баарын Билүүчү.

Ал эми кээ бир зыяратчылардын пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырынын жанында үндөрүн көтөрүп, ал жерде көпкө туруп алуусу шариятка каршы келет. Анткени, Аллах Таала үммөттү

пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) добушунан бийик үн чыгаруудан жана бири-бирине кыйкырып сүйлөгөндөй ага да катуу сүйлөөдөн тыйып, анын алдында үндөрүн акырын чыгарууга үндөп, мындай деген:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَرْفَعُوا أَصْوَاتَكُمْ فَوْقَ صَوْتِ النَّبِيِّ وَلَا تَجْهَرُوا لَهُ بِالْقَوْلِ كَجَهْرِ بَعْضِكُمْ لِبَعْضٍ أَنْ تَحْبَطَ أَعْمَالُكُمْ وَأَنْتُمْ لَا تَشْعُرُونَ 2 إِنَّ الَّذِينَ يَغُضُّونَ أَصْوَاتَهُمْ عِنْدَ رَسُولِ اللَّهِ أُولَئِكَ الَّذِينَ امْتَحَنَ اللَّهُ قُلُوبَهُمْ لِلتَّقْوَى لَهُمْ مَغْفِرَةٌ وَأَجْرٌ عَظِيمٌ 3﴾

"О ыйман келтирген пенделер! Добушуңарды пайгамбардын добушунан бийик көтөрбөгүлө! Билбестиктен улам (сооптуу) ишиңер «күйүп кетпеши» үчүн, бири-бириңерге кыйкырып сүйлөгөндөй ага (пайгамбарга) кыйкырып сүйлөбөгүлө!"

"Чынында, Аллахтын элчисинин алдында добушун төмөндөткөн адамдар гана, Аллах алардын жүрөктөрүн такыбалык үчүн сынаган (жана сыноодон өткөн) кишилер. Аларга

(Аллах тарабынан) кечирим жана улук сооп бар!" (Хужурат, 2-3-аяттар).

Анткени, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырынын жанында узак туруу жана кайра-кайра салам айтуу тыгынга, чуру-чууга жана үндөрдүн бийик көтөрүлүшүнө алып келет. Бул болсо Аллах Тааланын анык аяттарында мусулмандарга шарият кылган нерсесине карама-каршы келет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тирүүсүндө да, өлгөндөн кийин да урматтуу. Ошондуктан ыймандуу адамга анын кабырынын жанында шарияттагы адепке каршы келген ишти кылуусу жарабайт.

Ошондой эле кээ бир зыяратчылардын жана башкалардын анын кабырынын жанында туруп, кабырга карап, колдорун көтөрүп дуба кылганы – мунун баары Аллахтын элчисинин сахабалары жана аларга жакшылык менен ээрчигендердин жолуна карама-каршы келет. Тескерисинче,

бул кийин пайда болгон бидааттардан болуп саналат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айткан:

«فَعَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ الْمَهْدِيِّينَ مِنْ بَعْدِي، تَمَسَّكُوا بِهَا وَعَضُّوا عَلَيْهَا بِالنَّوَاجِذِ، وَإِيَّاكُمْ وَمُحْدَثَاتِ الأُمُورِ، فَإِنَّ كُلَّ مُحْدَثَةٍ بِدْعَةٌ وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

"Ошондуктан, менин жана менден кийинки туура жолго баштаган халифаларымдын сүннөт-жолун кармангыла. Аны бекем кармангыла жана ага азуу тишиңер менен тиштеп жармашкыла. Жаңыдан пайда болгон иштерден сак болгула! Анткени, ар бир жаңыдан киргизилген иш – бидаат, ал эми ар бир бидаат – адашуу"[1].

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ»

[1] Абу Дауд, 4607.

«Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат».[1]

«مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин шариятыбызда жок амалды кылса, анда ал кайтарылат».[2]

Али бин Хусейн Зайнул Абидин (экөөнө тең Аллах ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүрзөсүнүн жанында дуба кылып жаткан бир кишини көрүп, аны андан тыйды да, мындай деди: «Сага атамдан, ал чоң атамдан, ал Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уккан бир хадисти айтып берейинби? Ал мындай деген:

«لَا تَتَّخِذُوا قَبْرِي عِيدًا، وَلَا بُيُوتَكُمْ قُبُورًا، وَصَلُّوا عَلَيَّ، فَإِنَّ تَسْلِيمَكُمْ يَبْلُغُنِي أَيْنَمَا كُنْتُمْ».

«Менин кабырымды ибадат кылуучу жай кылып албагыла, жана үйүңөрдү мүрзөгө айлантып албагыла. Мага салават айткыла,

---

[1] Булагы жогоруда айтылды.
[2] Булагы жогоруда айтылды.

чындыгында, силердин саламыңар силер кайда болсоңор да мага жетип турат».[1]

Ошондой эле, кээ бир зыяратчылар пайгамбарыбызга салам айтканда намаздагыдай болуп оң колун сол колунун үстүнө, көкүрөгүнүн үстүнө же астына коюшат. Мындай абал Пайгамбарыбызга салам айтканда да, андан башка падышаларга, башчыларга жана башкаларга салам айтканда да болбойт. Себеби бул – кордуктун, моюн сунуунун жана ибадаттын абалы болуп, бир гана Аллахка таандык. Муну Хафиз ибн Хажар «Фатх» китебинде аалымдардан риваят кылган. Бул маселе, ушул абалга ой жүгүртүп, максаты абалкы саалихтердин жолун ээрчүү болгон адам үчүн ачык-айкын.

Ал эми кимге фанаттык, напси-кумар, сокур ээрчүү жана абалкылардын жолуна

---

[1] Зайнул-Абидиндин риваяты, аны Шейх Хафиз Макдисиге таандык кылган (ал хадисти кыссасыз келтирген) жана Имам Ахмад "Муснад" китебинде жазган, 2/367.

чакыруучулар тууралуу жаман ой үстөмдүк кылса, анын иши Аллахка таандык. Аллахтан өзүбүзгө жана ага акыйкатты башка нерселерден артык көрүүгө туура жол жана ийгилик сурайбыз. Албетте, Ал эң жакшы Суралуучу (сураганды берүүчү).

Ошондой эле кээ бир адамдардын улуу кабырды алыстан карап, салам айтып же дуба кылып эриндерин кыбыратканы – мунун баары мурда айтылган бидааттардын бир түрү болуп саналат. Мусулман адамга динине Аллах уруксат бербеген нерсени киргизүүгө болбойт. Бул амалы менен ал жакын болуу жана сүйүү көрсөтүүнүн ордуна, андан алыстап, оройлук кылганга жакыныраак болот. Имам Малик бул амалды жана ага окшогондорду четке каккан жана мындай деген: "Бул үммөттүн акыркылары, анын алгачкыларын оңдогон нерсе менен гана оңолот" (127).[1]

Бул үммөттүн алгачкылары пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын

---

[1] Игаасат аль-Лахфаан фи масаайид аш-Шайтаан, 1\363.

тынчтыгы жана мактоосу болсун), анын туура жолго баштоочу халифтеринин, Аллах ыраазы болгон сахабаларынын жана аларга жакшылык менен ээрчигендердин жолун кармануу менен оңолгон. Бул үммөттүн кийинкилери да ошол жолду кармануу менен гана оңолот.

Аллах мусулмандарга бул дүйнөдө жана Акыретте кутулууга, бактылуулукка жана урматтуулукка ийгилик берсин. Ал - Берешен, Жоомарт.

## Эскертүү:

## Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) кабырын зыярат кылуунун өкүмү.

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын зыярат кылуу, кээ бир карапайым адамдар жана аларга окшогондор ойлогондой, важыб да, ажылыктын шарты да эмес. Тескерисинче, бул пайгамбарыбыздын (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитин зыярат кылган же ага жакын болгон адам үчүн мустахаб.

Ал эми Мединадан алыс болгон адамга, атайын пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылуу ниети менен сапарга чыгууга болбойт. Бирок ага пайгамбарыбыздын улуу мечитин зыярат кылуу ниети менен сапарга чыгуу сүннөт. Мечитке жеткенден кийин, Пайгамбардын улуу кабырын жана анын эки жолдошунун кабырын зыярат кылат. Ошентип, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын эки жолдошунун кабырларын зыярат кылуу, анын мечитин зыярат кылууга кошумча ишке ашат. Анткени эки "Сахихте" тастыкталгандай, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا تُشَدُّ الرِّحَالُ إِلَّا إِلَى ثَلَاثَةِ مَسَاجِدَ: المَسْجِدِ الحَرَامِ، وَمَسْجِدِي هَذَا، وَالمَسْجِدِ الأَقْصَى».

"Үч эле мечитке атайын сапар кылып барып намаз окууга болот: Харам мечити, менин ушул мечитим, Акса мечити".[1]

Эгерде пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) же башка бирөөнүн кабырын максат кылып сапар кылуу шариятта уруксат берилген болсо, анда ал үммөтүнө аны көрсөтүп, анын артыкчылыгын айтып, багыт бермек. Анткени ал адамдардын эң насаатчысы, Аллахты эң жакшы билүүчүсү жана Андан эң катуу коркуучусу болгон. Ал динди анык-так жеткирип, үммөтүн ар бир жакшылыкка багыттап, ар бир жамандыктан эскерткен. Анын үстүнө, ал үч мечиттен башкасына сапар кылуудан эскертип, мындай деген:

«لَا تَتَّخِذُوا قَبْرِي عِيدًا، وَلَا بُيُوتَكُمْ قُبُورًا، وَصَلُّوا عَلَيَّ، فَإِنَّ صَلَاتَكُمْ تَبْلُغُنِي حَيْثُ كُنتُمْ»

«Менин кабырымды ибадат кылуучу жай кылып албагыла жана үйүңөрдү мүрзөгө айлантып албагыла. Мага салават айткыла, чындыгында, силер кайсыл жерде болсоңор

[1] Имам Бухари, 1189; Имам Муслим, 1397.

да, силердин салаватыңар мага жетип турат».[1]

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын зыярат кылуу үчүн сапар кылууну шариятта уруксат деп айтуу – аны өзгөчөлөп, кайра-кайра зыярат кылууга жана Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) корккон тыюу салынган ишке, тактап айтканда, чектен ашууга жана ашыра мактоого алып келет. Көптөгөн адамдар Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын зыярат кылуу үчүн сапар кылууну шариятта уруксат деп эсептегендигинин себебинен ушул ишке түшүп калышкан.

Ал эми пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырына атайын сапар кылууну шариятка туура келет деп далил келтирген хадистердин чынжыр тизмеги алсыз, ал турсун алар ойдон чыгарылган. Даракутни, Байхаки, Хафиз ибн Хажар жана башка

[1] Булагы жогоруда айтылды.

хадис аалымдары бул хадистердин алсыз экенин эскертишкен. Ошондуктан, мындай хадистерди үч мечиттен башка жактарга атайын сапар кылууну арам кылган ишенимдүү хадистерге каршы коюуга болбойт.

Окурман бул бөлүмдөгү ойдон чыгарылган хадистерди таанып, аларга алдануудан сактануусу үчүн, алардын айрымдарын келтиребиз:

Биринчиси: "Ажыга барып, мени зыярат кылбаган адам - мага жапа чектирген болот".

Экинчи: «Ким мени өлгөнүмдөн кийин зыярат кылса, ал мени тирүү кезимде зыярат кылгандай эле болот».

Үчүнчүсү: «Ким бир жылда мени жана атам Ибрахимди зыярат кылса, мен ага Аллахтан бейишти кепилдейм».

Төртүнчүсү: «Ким менин кабырымды зыярат кылса, ага менин шапаатым важып болот».

Бул жана ушул сыяктуу хадистердин эч бири пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) айтылган эмес.

Хафиз Ибн Хажар «ат-Талхис» китебинде көпчүлүк риваяттарды келтиргенден кийин мындай деген: Бул хадистин риваят жолдорунун баары алсыз (ишеничсиз).

Хафиз аль-Укайлий: Бул бөлүмдө ишенимдүү эч нерсе жок, - деген.

Шейхул ислам Ибн Таймия (ага Аллах ырайым кылсын) бул хадистердин баары токума экенин кесе айткан. Анын илими, жаттоосу жана кабардарлыгы бул өкүм үчүн жетиштүү.

Эгерде алардын бири ишенимдүү болгондо, сахабалар (аларга Аллах ыраазы болсун) аны биринчилерден болуп аткарышмак, үммөткө баяндап беришмек жана ага чакырышмак. Анткени алар пайгамбарлардан кийинки адамдардын эң жакшылары. Аллахтын чектерин жана Анын пенделерине шарият кылган

нерселерин эң жакшы билгендер. Аллахка жана Анын жараткан макулуктарына эң көп насаат кылгандар. Алардан бул тууралуу эч нерсе айтылбагандыктан, бул анын шариятта жок экенине далил болот.

Эгер алардын бири ишеничтүү болсо да, хадистердин ортосун бириктирүү үчүн, аны жалгыз кабырды зыярат кылуу максатында атайын сапарга чыгуу болбогон шариятка ылайык зыярат деп түшүнүү важыб. Эң туурасын Аллах Таала билет.

## Бөлүм:

## “Куба” мечитин жана “Баки” көрүстөнүн зыярат кылуунун артыкчылыктары

Мединаны зыярат кылган адамга "Куба" мечитин зыярат кылып, анда намаз окуусу мустахаб. Себеби, эки "Сахихте" Ибн Умар (аларга Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтат:

«كَانَ النَّبِيُّ ﷺ يَزُورُ مَسْجِدَ قُبَاءٍ رَاكِبًا وَمَاشِيًا وَيُصَلِّي فِيهِ رَكْعَتَيْنِ»[130].

"Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Куба мечитин улоо минип да, жөө да зыярат кылып, ал жерде эки ирекет намаз окур эле" (130).[1]

Сахл бин Хунайф (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ تَطَهَّرَ فِي بَيْتِهِ ثُمَّ أَتَى مَسْجِدَ قُبَاءٍ فَصَلَّى فِيهِ صَلَاةً كَانَ لَهُ كَأَجْرِ عُمْرَةٍ».

«Кимде-ким өз үйүндө тазаланып, андан соң Куба мечитине келип, ал жерде намаз окуса, ага умра кылгандай сооп жазылат».[2]

"Баки" көрүстөнүн, шейиттердин кабырларын жана Хамзанын (ага Аллах ыраазы болсун) кабырын зыярат кылуу сүннөт болот. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды зыярат кылып, аларга дуба кылчу жана мындай деген:

«زُورُوا الْقُبُورَ فَإِنَّهَا تُذَكِّرُكُمْ بِالآخِرَةِ».

---

[1] Имам Бухари, 1193; Имам Муслим, 1399.
[2] Ибн Маажа, 1412.

"Кабырларды зыярат кылгыла, анткени алар силерге акыретти эстетет".[1] Муслим риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына мүрзөлөрдү зыярат кылганда мындай деп үйрөтчү:

«السَّلَامُ عَلَيْكُمْ أَهْلَ الدِّيَارِ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمُسْلِمِينَ، وَإِنَّا إِنْ شَاءَ اللهُ بِكُمْ لَاحِقُونَ، نَسْأَلُ اللهَ لَنَا وَلَكُمُ الْعَافِيَةَ».

"Ассалааму алейкум ахлад-дияр минал муьминиина уа муслимиин. Уа инна ин шаа Аллаху бикум лаахикуун. Нас алуллаха ланаа уа лакумул аафия".[2] Имам Муслим Сулайман ибн Бурайдадан, ал атасынан риваят кылган.

Тирмизи Ибн Аббастан (ал экөөнө Аллах ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мединанын мүрзөлөрүнүн жанынан өтүп баратып, аларга жүзүн буруп, мындай деди:

---

[1] Имам Муслим, 976.
[2] Имам Муслим, 975.

«السَّلَامُ عَلَيْكُمْ يَا أَهْلَ الْقُبُورِ، يَغْفِرُ اللهُ لَنَا وَلَكُمْ، أَنْتُمْ سَلَفُنَا وَنَحْنُ بِالأَثَرِ».

"О кабыр ээлери, силерге Аллахтын тынчтыгы болсун! Аллах бизди да, силерди да кечирсин. Силер бизден мурда өткөнсүңөр, биз да силердин артынардан барабыз"[1].

Бул хадистерден белгилүү болгондой, шарияттагы кабыр зыяратында акыретти эстөө, маркумдарга жакшылык кылуу, аларга дуба кылуу жана ырайым тилөө максат кылынат.

Ал эми алардын кабырларынын жанында дуба кылуу ниети менен зыярат кылуу, же ал жерде (ибадат кылып) такай отуруу, же алардан муктаждыктарын суроо, же оорулууларга шыпаа тилөө, же алардын даражасын ортомчу кылып Аллахтан суроо жана ушул сыяктуулар – бул шариятка каршы келген, жаман бидаат зыярат. Аны Аллах Таала да, Анын Элчиси да буйруган эмес жана алгачкы такыба муундар да жасашкан эмес. Тескерисинче, бул

---

[1] Имам Тирмизи, 1035.

пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайтарган жаман сөз айтуу болуп саналат. Ал мындай деген:

«زُورُوا القُبُورَ، وَلَا تَقُولُوا هُجْرًا».

"Кабырларды зыярат кылгыла жана жаман сөз айтпагыла".[1]

Бул айтылган иштердин баары бидаат, бирок алардын даражалары ар түрдүү. Алардын кээ бири ширк эмес, бидаат; мисалы, кабырлардын жанында туруп Аллахка дуба кылуу жана маркумдун акысы-урматы үчүн деп Андан суроо ж.б.у.с. Ал эми кээ бирлери чоң ширкке кирет; мисалы, маркумдарга дуба кылуу жана алардан жардам суроо ж.б.у.с.

Бул тууралуу мурда кенен баяндалган, андыктан сергек болуп, сактан. Раббиңден ийгилик жана акыйкат жолуна салуусун сура. Анткени ийгилик берүүчү жана туура жолго салуучу – Ал Өзү. Андан башка Кудай да, Рабби да жок.

[1] Имам Муслим, 977.

Биз айткыбыз келген сөздүн соңу ушул. Башталышында да, акырында да Аллахка мактоолор болсун. Анын кулу, элчиси жана жараткандарынын эң мыктысы болгон Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнгө чейин аларга жакшылык менен ээрчигендерге Аллахтын салам-салаваттары болсун.

# Мазмуну


Куран жана сүннөттүн негизинде ажылык, умра жана зыяраттарга тиешелүү көптөгөн маселелердин иликтөөсү жана түшүндүрмөсү.......................................................... 3

Куран жана сүннөттүн негизинде ажылык, умра жана зыяраттарга тиешелүү көптөгөн маселелердин иликтөөсү жана түшүндүрмөсү.......................................................... 3

Автордун кириш сөзү ......................................................... 3

Бөлүм: ............................................................................... 7

Ажы жана умранын парз болуусуна жана аларды эртерээк аткарууга тиешелүү далилдер. ........................................... 7

Бөлүм: ...............................................................................13

Күнөөлөргө тообо кылуунун жана зулумдуктан кутулуунун милдеттүүлүгү...............................................................13

Бөлүм: ............................................................................... 23

Ажылык кылганы чыккан адам мийкатка келгенде аткара турган амалдар. .......................................................... 23

Бөлүм: ............................................................................... 32

Орунга тиешелүү мийкаттар жана аларды аныктоо. ........ 32

Бөлүм: ...............................................................................41

Ажылык айларынан башка убакта мийкатка келген адамдын өкүмү тууралуу. ...............................................41

Бөлүм: .................................................................. 47

Жаш баланын ажылыгы Исламдагы парз ажылыктын ордуна өтөбү? .................................................................. 47

Бөлүм: ..................................................................51

Ихрамда тыюу салынган иштер жана ихрамдагы адамга уруксат берилген иштер тууралуу баян. ..............................51

Бөлүм: .................................................................. 62

Ажы кылуучунун Меккеге киргендеги амалдары, жана Харам мечитине киргенден кийин аткарылуучу таваф жана анын сыпаты.................................................................. 62

Бөлүм: ..................................................................76

Зулхиджа айынын сегизинчи күнү ажылыкка ихрамга кирүү жана Минага чыгуунун өкүмү.............................................76

Бөлүм: .................................................................. 107

Курмандык чалуу күнү ажынын кылган амалдарынын артыкчылыгынын баяндоо. ............................................. 107

Бөлүм: .................................................................. 117

Таматту менен кыран кылуучуларга курмандыктын важыбдыгы:.................................................................. 117

Бөлүм: .................................................................. 121

Ажы кылуучуларга да, башкаларга да, адамдарды жакшылыкка чакыруу ваажыб........................................ 121

Бөлүм: ..................................................................136

Ибадаттарды көп кылуу мустахаб. ..................................136

Бөлүм: ......................................................................138

Зыярат кылуунун өкүмдөрү жана адептери. ...................138

Эскертүү:.....................................................................162

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) кабырын зыярат кылуунун өкүмү........................162

Бөлүм: ......................................................................168

“Куба” мечитин жана “Баки” көрүстөнүн зыярат кылуунун артыкчылыктары ..........................................................168

ky396v3.1 - 04/09/2026